# Кыргыз тили сабактарында жүргүзүлүүчү калыптандыруучу баалоо

## Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# Кыргыз тили сабактарында жүргүзүлүүчү калыптандыруучу баалоо

## Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо

БИШКЕК 2012

УДК 372.8
ББК 74.261.4
К 97

2011-жылдын 24-июнунда Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилип, басып чыгарууга сунушталды (№6-протокол).

**Түзүүчүлөр:**

*Чепекова Г. С., Карипова С. А., Шакиров Р. Х., Буркитова А. А.*

**Рецензенттер:**

*Рысбаев С., Кыргыз билим берүү академиясынын мамлекеттик тил жана лингводидактика лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор*

*Иптаров С., Кыргыз билим берүү академиясынын окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо бөлүмүнүн башчысы.*

К 97 **Кыргыз тили сабактарында жүргүзүлүүчү калыптандыруучу баалоо.** Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо / Түз. Г. С. Чепекова, С. А. Карипова, Р. Х. Шакиров, А. А. Буркитова – Б.: «Билим», 2012. – 74 б.

ISBN 978–9967–452–00–8

Бул колдонмо USAID «Сапаттуу билим» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасында даярдалды.

Бул колдонмодо калыптандыруучу баалоонун компоненттери кыргыз тил жана адабият курсун окутууда колдонууга ылайыкталган. Мындан тышкары, бул материалдарды тил багытындагы билим берүү тармагындагы бардык мугалимдер колдоно алышат. Берилген колдонмодо калыптандыруучу баалоонун компоненттерин колдонуунун практикалык ыкмалары көрсөтүлгөн. Сиздерге сунушталган колдонмо мугалимдер пайдалануучу окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо куралдарынын диапазонун кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Колдонмо орто мектептердин мугалимдерине жана жетекчилерине, кесиптик чеберчиликти жогорулатуу борборлорунун, билим берүү бөлүмдөрүнүн адистерине, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин, колледждердин жана кесиптик окуу жайлардын окутуучулары менен студенттерине арналат.

USAID «Сапаттуу билим» долбоору бул колдонмону иштеп чыгуу жана апробациялоо процессине катышкан долбоордун бардык адистерине, волонтёрлоруна, мектеп мугалимдерине ыраазычылык билдирет.

Бул документ АКШнын Эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин көрсөткөн жардамы менен даярдалды. USAID же АКШ Өкмөтүнүн көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбаган бул басылманын мазмуну үчүн Creative Associates International, Inc. жооп берет.

К 4306010200–12 УДК 372.8
ББК 74.261.4

ISBN 978–9967–452–00–8
© USAID, 2012

# МАЗМУНУ


**Киришүү** .......... 4

**1. Окуп-үйрөнүү максаты** .......... 6

1.1. Окуучунун позициясынан коюлган окуп-үйрөнүү максаты .......... 6
1.2. Окуучуларды сабактын максаты менен тааныштыруунун ирети .......... 11
1.3. Максатка жетүүнүн деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрүн даярдоо .......... 13

**2. Ийгиликке жетүүнүн алгоритми** .......... 16

**3. Кайтарым байланыш** .......... 20

3.1. Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш .......... 22
3.2. Оозеки кайтарым байланыш .......... 28
3.3. Окутуу процессин жакшыртуу максатында кайтарым байланыштын жыйынтыгы боюнча мугалимдин ишмердигине оңдоо-түзөөлөрдү киргизүү .......... 30

**4. Өзүн-өзү баалоо жана бири-бирин баалоо** .......... 34

4.1. Өзүн-өзү баалоо .......... 34
4.2. Окуучулардын бири-бирин баалоосу .......... 37

**5. Баалоо критерийлери** .......... 39

**6. Кыргыз тили сабактарында окуу ишмердигин мотивациялоо** .......... 43

**7. Калыптандыруучу баалоонун айрым техникалары** .......... 47

7.1. Кыргыз тили сабагында калыптандыруучу баалоонун айрым техникаларын колдонуунун сүрөттөлүшү .......... 47
7.2. Калыптандыруучу баалоонун натыйжаларын жыйноо жана каттоо .......... 53
7.3. Талдоо .......... 54

**Корутунду** .......... 56

**Глоссарий** .......... 57

**Адабият** .......... 66

**Тиркемелер** .......... 67

# КИРИШҮҮ

Акыркы он жылдыкта билим берүүнүн мазмуну сапаттык өзгөрүүлөргө учурады. Окуп-үйрөнүүнүн негизги максаты катары предметтик билимдерден, билгичтиктерден, көндүмдөрдөн окуучулардын жалпы окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга басым жасала баштады. Мындай өзгөрүүлөр баалоо системасына да жаңылануулары киргизди.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо окутуу процессинде терс көрүнүштөрдү жоюуга мүмкүнчүлүк берген, окуу процессин жекелештирүүгө, окууга умтулуусун жана окуучулардын окуп-үйрөнүүдө өз алдынчалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзө турган ыкмалар учурдун талабына айланды. Аталган ыкмалардын бири – **калыптандыруучу баалоо** же башкача айтканда, **окуп-үйрөнүүнү жакшыртуу үчүн баалоо.**. Калыптандыруучу баалоо мугалимге окуучулардын окуп-үйрөнүү максаттарына жетүүгө багытталган аракеттерине байкоо жүргүзүп, окуу процессин баштапкы баскычтарда оңдоп-түзөөгө, ал эми окуучуларга болсо, өз билим алуусу үчүн өз жоопкерчилигин көбүрөөк сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**Калыптандыруучу баалоонун максаты** – окуп-үйрөнүү процессинде жетишилген натыйжалардын негизинде мугалим менен окуучунун ишмердүүлүгүн оңдоп-түзөө. Ишмердүүлүктү оңдоп-түзөө үчүн мугалим менен окуучулар окуп-үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталган милдеттерди биргелешип коюусу шарт.

***Калыптандыруучу баалоонун компоненттери***

1. *Мугалимдин окуучулар менен натыйжалуу кайтарым байланышты камсыздоосу.*
2. *Окуучулардын өздөрүнүн окуу процессине жигердүү катышуусу.*
3. *Окуп-үйрөнүү процессин баалоонун натыйжаларын эске алуу менен оңдоо-түзөө.*
4. *Баалоонун окуучулардын мотивациясына жана өздөрүн сыйлоосуна терең таасир этерин, ал эми бул болсо, өз кезегинде окууга зор таасирин берерин моюнга алуу.*
5. *Окуучулардын өз билимдерин өз алдынча баалай алуусу.*

*«Черный ящик: что там внутри? Оценка знаний учащихся как способ повышения эффективности учебно-воспитательного процесса» П. Блэк жана Д. Уильям*

Калыптандыруучу баалоонун техникаларынын өзгөчөлүгү – мындай баалоонун күнүмдүк практикада ар бир сабакта колдонулушу, демек, окуп-үйрөнүү процессинин эң баштапкы баскычтарынан баштап мугалим жана окуучу билим алуунун сапатына таасир эте алышат. Мындан тышкары, калыптандыруучу баалоо окуучуларга да, мугалимге да ылайыктуу болгон формада колдонулат.

Кыргыз тилин үйрөтүүдө мугалим текшерүү иштеринин жат жазуу, баяндама, дил баян, эссе, жазуу түрүндөгү көнүгүү жана башкалар сыяктуу түркүн формаларын колдонот. Текшерүү иштин ар бир формасы өзгөчө, ошентсе да окуучулардын сабак учурундагы ишмердигин толугу менен баа коюуга айландыруу сунушталбайт. Мугалим каталарды оңдоо же ишти жакшыртуу боюнча сунуштарын берерин билип, окуучу ар кандай түрдөгү иштерди коркпостон жазышы керек.

Кыргыз тил жана адабият сабагында калыптандыруучу баалоонун ар түрдүү техникаларын колдонуу мугалимге окуучу менен натыйжалуу кайтарым байланышты түзүүгө, окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга жана өз ишмердигинин айкын натыйжаларын көрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Сунушталган колдонмодо орто мектепте окутулуучу «Кыргыз тили жана адабияты» предметине ылайыкташтырылган

материалдар берилген. Ошентсе да, билим берүү сапатын жогорулатууга кызыкдар болгон бөлөк предметтердин мугалимдери да сунушталган материалдарды өз практикасында колдоно алышат. Колдонмонун материалдары калыптандыруучу баалоонун компоненттерин окуучуларды кыргыз тилине үйрөтүү процессинде кантип колдонсо болорун ачып көрсөтөт. Бул жумуштун авторлору колдонмодогу материалдар кыргыз тил жана адабият мугалимдерине инсанга багытталган калыптандыруучу баалоону түшүнүп жана колдоно баштаганга мүмкүнчүлүк берет деп үмүттөнүшөт.

# 1. ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ МАКСАТЫ

Окуп-үйрөнүүнүн жүрүшүндө баалоонун объектиси болуп окуп-үйрөнүү максатына жетүү процессиндеги окуучунун ишмердиги саналат. Демек, окуп-үйрөнүүнүн максаттарын иштеп чыгуу баалоонун жана баалардын бардык түрлөрүнүн негизи экени түшүнүктүү. Максаттарды коюу инсанга багытталган калыптандыруучу баалоонун элементтеринин эң маанилүүсү экени талашсыз.


Окуп-үйрөнүү максаты сабактын маңызы болуп саналат, ошондуктан мугалим менен окуучулардын бүт ишмердиги ушул максатка жетүүгө багытталган. Окуп үйрөнүү максаты сабак процессин, усулдарды, окутуунун жана баалоонун каражаттарын аныктайт.

## 1.1. Окуучунун позициясынан коюлган окуп-үйрөнүү максаты

Окуп-үйрөнүүнүн максаты эмнеде, аны кантип иштеп чыгыш керек жана алар менен окуучуларды кантип тааныштырыш керек?

**Окуп-үйрөнүү максаты** – билимди өздөштүрүүнүн, өнүгүүнүн жана тарбия берүүнүн натыйжаларын алдын ала пландаштыруу, башкача айтканда, **максат ишмердиктин күтүлүүчү натыйжасы**. Максат натыйжаны көрсөтүп гана турбастан, ага жетүүгө чакырат. Максаттарды иштеп чыгуу окуп-үйрөнүү жана тарбия берүү процессинин биринчи жана эң маанилүү баскычы болуп саналат. Окуп-үйрөнүү максаттары конкреттүү, ишке ашкыдай, **өлчөнүүчү («канчалык деңгээлде туура?», «канча» деген суроолорго жооп берүүгө, критерийлердин негизинде баалоого мүмкүн болгудай**), окуучуга багытталган жана этиштер менен аныкталган болушу керек.

Төмөндө берилген схема максатты коюу, аны менен тааныштыруу процесси интерактивдүү[1] жол менен өтүшү керектигин көрсөтүп турат, анткени ушундай гана шарт окуп-үйрөнүү процессинин бардык катышуучуларына берилген (бир) багытта иш алып барууга мүмкүнчүлүк берет.




**Максаттар:**

- *конкреттүү*, өзгөчө болуп, эмнелерге жетүү керектиги жөнүндө айкын түшүнүктү камтышы керек;
- максаттар ишке ашты деп так айта алгыдай, баалоого мүмкүн болгудай *өлчөнүүчү* болушу керек;

[1] **Интерактивдүү** («Inter» – «өз ара», иш-аракет кылуу) – өз ара аракеттенүү, бирөөлөр менен маектешүү, диалог режиминде болуу дегенди билдирет. Интерактивдүү методдор (усулдар) окуучулардын мугалим менен гана эмес, бири-бири менен да өз ара кеңири аракеттенүүсүнө, о.э. окуп-үйрөнүү процессинде окуучулардын активдүүлүгүнүн басымдуулук кылышына багытталат. Интерактивдүү усулдарды колдонуу менен өтүлгөн сабактарда мугалимдин ролу сабактын максаттарына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттоо болуп эсептелет.

- *ишке аша тургандай*, кандай кыймыл-аракет күтүлгөн натыйжаны бере тургандыгын түшүнүү үчүн кыймыл-аракет менен туюнтулушу керек;
- Максаттар жетүүгө мүмкүн болгондой *реалдуу* болушу керек;
- Аткаруу үчүн так белгиленген мөөнөтү жана орундуу каражаттар болушу керек[1].

Келгиле, төмөнкү мисалдар аркылуу максаттарды коюунун өзгөчөлүктөрүн талдап көрөлү.

***1-мисал.* Сабактын максаты «Сүйлөмдө этиштин чактарын аныктоону үйрөнө алышат»**

Берилген максатты талдоо үчүн төмөнкү суроолорду колдонобуз:

| **Суроолор** | ***Ооба*** | ***Жок*** |
|---|---|---|
| Окуп-үйрөнүү максатында талап аныкталганбы? | ✓ | |
| Аны окуучулардын көпчүлүгү аткара алабы? | ✓ | |
| **Аны бааласа болобу?** | ✓ | |
| Окуучу аны аткарып жатабы? | ✓ | |
| Этиштер конкреттүү иш-аракеттерди билдиреби? | ✓ | |

Эгерде окуп-үйрөнүү максаты боюнча жогоруда келтирилген суроолорго жооп бергенде, бардыгына оң жооптор алынса, анда бул окуп-үйрөнүү максаты **конкреттүү, ишке ашырылуучу, өлчөнүүчү жана окуучуга багытталган.**

***2-мисал.* Сабактын максаты: «Окуучулардын сөзүн өстүрүү».**

| **Суроолор** | ***Ооба*** | ***Жок*** |
|---|---|---|
| Окуп-үйрөнүүнүн максатында талап аныкталганбы? | | ✓ |
| Аны көпчүлүк окуучулар аткара алышабы? | | ✓ |
| **Аны бааласа болобу?** | | ✓ |
| Окуучу аны аткарып жатабы? | | ✓ |
| Этиштер конкреттүү иш-аракеттерди билдиреби? | | ✓ |

Жогоруда берилген максат өтө кеңири жана убакыттын белгилүү бир мөөнөтүндө аткарылбайт. Ал мектептин жана билим берүү тармагынын жалпы максаты катары жазылган, адатта ага жеке окуп-үйрөнүү максаттары негизделет.

Сабактын максаттарын аныктоодо жана түзүүдө кеңири кездешүүчү каталарга төмөнкүлөр кирет:

- максаттарды сабактын структуралык элементтеринин аталыштары менен алмаштыруу, мисалы, максаттын төмөнкүдө түзүлүшү: *«Этиштер жөнүндөгү окуучулардын билимдерин жалпылоо»;*

[1] SMART – англис сөздөрүнөн турган аббревиатура, алар коюлган максаттар кандай болушу керек экенин көрсөтүп турат: Specific – конкреттүү, Measurable – өлчөнүүчү, Achievable – ишке аша тургандай , Realistic – реалдуу жана Time-bound – максатты ишке ашыруу мөөнөтү аныкталган.

- так аныкталбаган, сабактын жүрүшүндө жетишилүүчү айкын окуп-үйрөнүү натыйжасына багытталбаган билим берүү максаттарын колдонуу, мисалы, *«сөз түркүмү катары этиш жөнүндө билүү»;*
- класстын даярдык өзгөчөлүктөрүн, тема боюнча сабактардын системасындагы пландаштырылып жаткан сабактын ордун эске албай, жалпы программалык билим берүү максаттарын формалдуу түрдө колдонуу, мисалы, этиш сөз түркүмүн талдоого арналган бир катар сабактарда бир билим берүүчүлүк максатты кайталап коё берүү: *«Окуучулардын тексттен этиштерди табуу билгичтигин өрчүтүү».*

Мындай каталарды алдын алуу үчүн мугалимге сабактын билим берүүчүлүк максатынын мазмунун жана максат коюу өзгөчөлүгүн аныктоо боюнча кыймыл-аракеттердин төмөнкү ырааттуулугу сунушталат:

- максаттарды аныктоо жана аларды мүмкүн болушунча тактоо,
- айкын натыйжаларга жетүүгө багытталган окуу максаттарын түзүү (күтүлүүчү натыйжа сүрөттөлгөн).

Мындан тышкары, учурда өлкөбүздүн билим берүү системасы билим парадигмасынан компетенттүүлүк парадигмасына өтүү баскычында турат. Ошого жараша, мугалимдин иш-аракеттери окуучулардын ой жүгүртүү ишмердүүлүгүндө төмөнкү ыкмаларды калыптандырууга багытталышы керек:

- талдоо (маалыматты бөлүктөргө ажыратуу);
- синтез (айрым бөлүктөрдөн бүтүн нерсени түзүү);
- ишмердиктин натыйжаларын сын көз караш менен баалоо.

Ушуга байланыштуу, мугалим сабактын максатын пландаштырууда окуу максаттарынын ар түрдүү категорияларын колдонуусу зарыл.

Так коюлган максаттарга ырааттуу багыттоо – окуп-үйрөнүү максаттарын окуучулардын кыймыл-аракеттери аркылуу туюнтулган, мугалим же бөлөк адис анык көрө ала турган окуп-үйрөнүүнүн натыйжалары аркылуу берүү. Ичинде камтылган категориялары жана ырааттуу деңгээлдери аныкталган так коюлган максаттардын системалары «педагогикалык таксономиялар» деген аталышка ээ болушкан. Максаттарды коюу үчүн Блумдун таксономиясы эң кеңири колдонулат.

**Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн системасы ( Б. Блумдун таксономиясы)**

| **Деңгээл** | **Окуучу эмне кылат** | **Окуучунун ишмердигин аныктаган этиштер** | **Коюлган максаттын мисалы** |
|---|---|---|---|
| **Билим** (өзгөчө маалыматты эске тутуу) | Кабыл алат, эсине тутат, таанып-билет | Санап берүү, эске тутуу, атап берүү, | **8-класс**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында «публицистикалык стиль» түшүнүгүнүн аныктамасын билет. |
| **Түшүнүү** (берилген маалыматты түшүнүү; көйгөйдү өз сөзү менен айтып берүү) | Чечмелейт, мисалдарды издеп таап, келтире алат, изилденген материалдын негизинде түшүндүрөт. | Талкуулоо, аныктоо, айтып берүү, ойду кыска жана так билдирүү, түшүндүрүү | **8-класс**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында публицистикалык стилдин белгилерин атап бере алат. |
| **Колдонуу** (Түшүнүктөрдү жаңы кырдаалдарда колдонуу | Өздөштүргөн материалды конкреттүү шарттарда жана бөлөк кырдаалдарда колдоно алат. | Колдонуу, эсептеп чыгуу, өзгөртүү, тандоо, классификациялоо, аяктоо, чыгаруу, жасап көрсөтүү (демонстрациялоо), табуу, изилдөө, эксперимент өткөрүү, иллюстрациялоо (мисалдар аркылуу далилдөө/ көрсөтүү), чечмелөө, өзгөртүү, максатка ылайык колдонуу, айкалыштыруу, пландаштыруу, көрсөтүү, сөлөкөтүн түшүрүү, колдонуу. | **8-класс**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында публицистикалык стиль жөнүндө алган билимдерин берилген текст менен айкалыштыра алат. |
| **Талдоо** (Маалыматты бири-бири менен байланышкан бөлүктөргө ажыратуу) | Ажыратат, талкуулайт, ачып берет. Ой жүгүртүүнүн логикасында кетирилген каталарды жана кемчиликтерди көрө алат. Берилген маалыматтардын маанилүүлүгүн баалай алат. Бүтүн нерсенин бөлүктөрүн ажыратат. Бүтүн нерсенин уюштуруу принциптерин аныктай алат. | Талдоо, топтоштуруу, эсептеп чыгуу, категорияларга ажыратуу, классификациялоо, салыштыруу, байланыштыруу, карама-каршылаштыруу, талкуулоо, дифференциялоо, айырмалоо, изилдөө, эксперимент өткөрүү, түшүндүрүү, чыгаруу, иреттөө, шектенүү, айкалыштыруу, тандоо, ажыратуу, текшерүү. | **8-класс**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында публицистикалык стилдин белгилерин башка стилдер менен салыштыра алат. |

| Деңгээл | Окуучу эмне кылат | Окуучунун ишмердигин аныктаган этиштер | Коюлган максаттын мисалы |
|---|---|---|---|
| **Синтез** (Өзүнчө бөлүктөрдөн бир бүтүн нерсени түзүү.<br>Маалыматты чогултуу) | Жалпылайт, ойду кыска жана так билдирет, пландаштырат. | Топтоштуруу, чогултуу, түзүү, жаратуу, иштеп чыгуу, кыска жана так билдирүү, жалпылоо, бириктирүү, ойлоп табуу, өзгөртүү, уюштуруу, пландаштыруу, даярдоо, сунуштоо, кайрадан топтоштуруу, жаңылап жазып чыгуу, орнотуу, алмаштыруу. | **8-класс**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында берилген тексттин негизинде же өз алдынча публицистикалык стилдеги текстти түзө алат. |
| **Баалоо**<br>(Максаттар, стандарттар жана критерийлер берилген учурда материалдардын жана усулдардын баалуулугун аныктоо. | Дискуссияга катышат, баалайт, тандайт | Аргументтерди келтире алуу, көз карашты коргой алуу, алдын ала божомолдоо, далилдөө, ынандыруу, негиздөө, бөлүп көрсөтө алуу, сунуштоо, текшерүү. | **8-класс.**<br>**Тема. Публицистикалык стиль.**<br>*Максаты:* Окуучу сабактын аягында публицистикалык стилдин аныктамасына карата өзүнүн көз карашын далилдөө үчүн аргументтерди келтире алат. |

Шарттуу түрдө максаттарды эки деңгээлге бөлсө болот-түшүнүү жана **эске тутуу деңгээлдерине жетүүгө багытталган максаттар** жана **жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө багытталган максаттар**. Коюлган максатка жараша мугалим ар түрдүү деңгээлдерди текшерүү үчүн тапшырмаларды пландаштыра алат.

Түшүнүү жана эске тутуу үчүн даярдалган тапшырмалар окуп-үйрөнүүнүн биринчи баскычында колдонулат жана азыркы убактагы практикада кеңири тараган.

Жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө арналган тапшырмаларды аткаруу үчүн окуучулар маалыматты талдашат, корутунду чыгарышат, баалашат жана чыгармачылык менен алектенишет. Азыркы практикада мындай тапшырмалар сейрек колдонулат, бирок жогорку деңгээлдеги ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү окуучу үчүн абдан маанилүү.

## 1.2. Окуучуларды сабактын максаты менен тааныштыруунун ирети

Жогоруда айтылгандай, **сабактын максаты – мугалим тарабына алдын ала пландалган, окуучулар сабакта жетишүүгө тийиш болгон натыйжа.** Сабактын максаты окуучуларга сабактын, теманын же бөлүмдүн аягында эмнелерди билиши жана аткара алышы керектигин түшүнүүгө жардам берет.

Сабактын максатын жазууда мугалим аны терең ойлонуштуруу менен гана чектелбестен, төмөнкү шарттардын аткарылышына жетишүүгө тийиш. Сабактын максаты сөзсүз түрдө:

(1) **сабактын эң башында окуучуларга мугалим тарабынан билдирилиши керек;**
(2) **окуучуларга жазуу түрүндө тактада, плакатта же башкача жол менен көрсөтүлүшү керек;**
(3) **окуучуларга түшүнүктүү болуп, алар тарабынан кабыл алынышы керек.** Мисалы, мугалим суроолордун жардамы менен сөзсүз түрдө окуучулар коюлган максаттарды канчалык деңгээлде түшүнгөнүн текшерет. Окуучулар сабактын максаттарын (күтүлүүчү натыйжаларды) өздөрүнүн жеке максаттары катары айтып берүүлөрү зарыл, мисалы:

***– Сабактын аягында мен сүйлөмдүн башкы мүчөлөрүн таба алам.***

---

Эгерде окуучу сабактын максатын түшүнүп жана айта алса, бул калыптандыруучу баалоонун компонентинин иштей башташын билдирет. Мындай көрүнүштү П. Блек жана Д. Уильям өз окуу процессине окуучулардын активдүү катышуусу деп белгилешкен.

(«Черный ящик: что там внутри?... » П. Блэк и Д. Уильям)

---

Окуп-үйрөнүү максаттарын окуучуларга ар кандай жолдор менен түшүндүрсө болот.

**1-мисал.** ***Кыргыз тили 6-класс***

**Тема:** ***Цитата***

*Сабакта мугалимдин биринчи кадамы:* Мугалим (саламдашуу жана окуучулардын сабакка даярдыгын текшергенден кийин) – тактага «текст» жана «цитата» деген сөздөрдү жазат жана төмөнкү суроону берет:

– *Берилген түшүнүктөрдүн айырмасы эмнеде?* Окуучулар жоопторду сунушташат, алардын ичинде цитата тексттин ичинде жайгашат деген жооп болушу мүмкүн. Андан ары мугалим кийинки суроону берет:
– *Дайыма эле цитата текстте болобу?* Окуучулар өз божомолдоолорун айтышат. Мугалим бир нече жоопту уккандан кийин сабактын темасын «Цитата» деп айтат да, анан сабактын максаттарын түшүндүрөт.

Сабактын максаты:

- **Окуучулар «цитата» эмне экенин жана ал эмне үчүн колдонула тургандыгын түшүнө алышат;**
- **Окуучулар тексттен цитаталарды таба алышат жана аларды текст түзүү үчүн колдоно алышат.**

Тактага сабактын темасы жана максаттары жазылган плакат илинет.

**Сабактын максаттары аталгандан кийин мугалим балдарга дароо төмөнкү суроону берет:**

- *Силер сабактын аягында эмнелерди аткара аласыңар?* **Мугалим 2-4 окуучунун жообун уккандан кийин экинчи суроону берет:**
- *Текстти түзүүдө цитаталарды туура колдонуш үчүн сабактын аягына чейин силерге дагы эмнелерди билүү зарыл экен?*

**Мугалим 2-4 окуучунун жообун угат.**

**Окуучулар сабактын максатын түшүнгөнүнө көзү жеткенден кийин мугалим сабактын кийинки баскычына өтөт.**

**2-мисал.** ***Кыргыз тили 7-класс***

Сабакта мугалимдин биринчи кадамы (саламдашуу жана окуучулардын сабакка даярдыгын текшергенден кийин) – сабактын темасын айтуу жана окуучуларга окуп-үйрөнүү максаттарын түшүндүрүү.

Тактада төмөнкү жазуулар бар:

**Сабактын темасы:** ***Өмүр баян***

Сабактын максаты:

- Окуучулар өмүр баян деген эмне экенин, ал кайсы стилге таандык экенин, кандайча жазыларын жана документтердин башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмалана тургандыгын биле алышат;
- Окуучулар алган билимдерине таянып, өз өмүр баяндарын жаза алышат.

Мугалим сабактын максатын айтат: «*Сабактын аягында өмүр баян деген эмне экенин, ал кандайча жазыларын биле аласыңар жана өз өмүр баяныңарды жаза аласыңар*».

**Сабактын максаттары айтылгандан кийин мугалим балдарга дароо төмөнкү суроону берет:**

- *Силер сабактын аягында эмнелерди аткара аласыңар?* **Мугалим 2-4 окуучунун жообун уккандан кийин экинчи суроону узатат:**
- *Силер сабактын аягына чейин өмүр баян жаза алыш үчүн эмнелерди билишиңер зарыл?*

**Мугалим 2-4 окуучунун жообун угат.**

**Окуучулар сабактын максатын түшүнгөнүнө көзү жеткенден кийин, мугалим сабактын кийинки баскычына өтөт.**

Сабактын максаты ишке ашканын текшерүү үчүн мугалим окуучуларга сабак учурунда тема боюнча төмөнкү суроолорду берет:

1. *Өмүр баян кайсы стилге таандык?*
2. *Башка иш кагаздарынан эмнеси менен айырмаланат?*
3. *Өмүр баяндын структурасы кандай?*

## 1.3. Максатка жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрүн даярдоо

Сабактын максаттарын коюуда (күтүлүүчү натыйжаны) мугалим көрсөткүчтөрдү (индикаторлорду) даярдашы керек. Алардын жардамы менен ал максаттын аткарылуу деңгээлин жана сапатын текшере алат. Окуучуларды көрсөткүчтөр менен сабактын башында тааныштыруунун кажети жок, анткени аларды мугалим максатка жетүү деңгээлин текшерүү үчүн колдонот. Төмөндө сабактардын максаттарына (күтүлүүчү натыйжалар) жана көрсөткүчтөрүнө кээ бир мисалдар берилген.

***Индикатор*** *– (лат. indicator – көрсөткүч) – процесстин жүрүшүнүн же байкоо жүргүзүү объектисинин абалынын сапаттык же сандык мүнөздөмөсү.*

*Билим берүүчүлүк максаттарына жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчү (индикатору).*

***5-класс.*** Тема: **Энчилүү жана жалпы зат атоочтор**

| Сабактын максаты (фрагмент) | Максатка жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| 1. Материалды окуп-үйрөнүүнүн жыйынтыгында окуучулар энчилүү аттардын жалпы зат атоочтордон айырмасын аныктай алышат, аларды жазуу эрежелерин билишет. | Окуучулар максатка жетишет, эгерде сабактын аягында:<br>▪ сүйлөмдөгү энчилүү жана жалпы зат атоочторду таба алышса;<br>▪ энчилүү зат атоочтордун жазуу эрежелерин түшүндүрө алышса. |

***6-класс.*** Тема: **Неологизмдер**

| Сабактын максаты (фрагмент) | Максатка жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| 1. Сабактын аягында окуучулар неологизмдер эмне экенин билишет жана аларды сүйлөмдөн таба алышат. Неологизмдерди колдонуп, сүйлөмдөрдү түзө алышат. | Окуучулар максатка жетишет, эгерде сабактын аягында:<br>▪ сүйлөмдөн неологизмдерди таба алышса, өз тандоолорун негиздеп бере алышса;<br>▪ неологизмдер менен сүйлөмдөрдү түзө алышса. |

***8-класс.*** Тема: **Суроолуу сүйлөм**

| Сабактын максаты (фрагмент) | Максатка жетүү деңгээлин аныктоонун көрсөткүчтөрү: |
|---|---|
| 1. Окуучулар сабактын аягында сүйлөмдүн тибин аныктай алышат жана суроолуу сүйлөмдөрдү түзө алышат. . | Окуучулар максатка жетишет, эгерде сабактын аягында:<br>▪ тексттен суроолуу сүйлөмдөрдү таба алышса, өз тандоолорун негиздеп бере алышса;<br>▪ суроолуу сүйлөмдөрдү колдонуп, берилген тема боюнча диалог түзө алышса. |

Мугалим окуу китебинен же тесттердин жыйнагынан ж.б. булактардан алынган кээ бир тапшырмаларды көрсөткүчтөр катары колдонсо болот.

Тапшырмаларды аткаруунун сапатын текшерүү, материалды өздөштүрүү деңгээлин көрсөтөт, демек максатка жетүүнүн деңгээлин да аныктайт.

**КОРУТУНДУ**

1. **Сабактын максатын пландаштырууда төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл:**
   - окуп-үйрөнүү максаттарынын бардык категориялык деңгээлдерин камтуу (билим, түшүнүү, колдонуу, талдоо, синтез, баалоо);
   - тема боюнча биринчи сабактарда окуучулардын милдеттүү түрдө өздөштүрүшү керек болгон билгичтиктердин деңгээлине жетишүү пландаштырылат (бардык окуучулар сөзсүз аткарыш керек болгон шаблондуу тапшырмалардын жыйындысы). Кийинки сабактарда окуу максаттары Блумдун таксономиясы боюнча жогоруураак категорияларды камтыйт.
2. **Сабактын максаты окуучуларга күтүлүүчү натыйжа катарында берилиши керек (окуучунун позициясынан коюлган максат).**
3. **Сабактын максаты окуучуларга сабактын башында дароо айтылыш керек.**
4. **Сабактын максаттары айтылгандан кийин мугалим суроолордун жардамы менен окуучулардын сабактын максаттарын канчалык деңгээлде түшүнгөнүн текшериши керек. Окуучулар сабактын максатын күтүлүүчү натыйжа катарында айтып берүүлөрү зарыл.**
5. **Окуп-үйрөнүү максаттарын түшүндүрүүдө мугалим төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл:**
   1) окуп-үйрөнүү максаттарын мугалим кызыктуу жана ишенимдүү түшүндүрүшү керек;
   2) окуучуларды максаттарды талкуулоого тартышы керек;
   3) Максаттарды бардык окуучулар түшүнүшүнө умтулушу керек.
6. **Сабактын максаты окуучулар үчүн тактага же плакатка жазылып, же бөлөк каалаган көрсөтмө формасында көрсөтүлүшү керек.**
7. **Сабакты пландаштыруу баскычында мугалим окуучулардын максатка жетүүсүнүн сапатын текшерүүдө пайдаланылчу көрсөткүчтөрдү аныктап коюшу зарыл. Көрсөткүчтөрдү мугалим сабактын жүрүшүндө да, ар бир тапшырманы аткаруунун жыйынтыгында да, ошондой эле сабактын аягында да колдоно алат.**

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

?

**Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Берилген суроолорго жооп бериңиз. Өзүңүздүн жообуңуздун вариантын кесиптештериңиз менен талкуулаңыз.**

**1. Сабактын максатын мугалим окуучуларга качан айтышы керек:**

а) сабактын башында
б) сабактын аягында
в) сабактын максатын окуучуларга айтуунун эч кандай кажети жок

**2. Мугалим сабактын максаттарын айткандан кийин:**

а) үй тапшырмасын текшериши керек
б) суроолор аркылуу окуучулар сабактардын максаттарын канчалык деңгээлде түшүнгөнүн текшериши керек
в) сабактын кийинки баскычына өтүшү керек

**3. Көрсөткүчтөрдүн жардамы менен мугалим:**

а) класстын сабакка даярдыгын текшерет
б) үй тапшырмасынын аткарылышын текшерет
в) окуучулардын максатка жетүүсүнүн сапатын текшерет

**4. Блумдун таксономиясына ылайык максаттардын деңгээлин аныктаңыз:**

| Окуучунун позициясынан коюлган максат | Блумдун таксономиясына ылайык деңгээл |
|---|---|
| 1. Окуучулар публицистикалык стилди башка кептин стилдери менен салыштыра алышат. | *Талдоо (уланткыла)* |
| 2. Окуучулар сүйлөмдөгү тыныш белгилеринин коюлушун түшүндүрүп бере алышат. | |
| 3. Окуучулар сөз түркүмдөрүн санап бере алышат. | |
| 4. Окуучулар берилген сөздөр менен сүйлөм түзө алышат. | |
| 5. Окуучулар тексттен тигил же бул сүйлөмдү эмне себептен тандаганын негиздеп бере алышат. | |

# 2. ИЙГИЛИККЕ ЖЕТҮҮНҮН АЛГОРИТМИ

Окуучулардын ийгилигин же ийгиликтүүлүгүн пландаштырууну билүү абдан маанилүү. Бул үчүн мугалим сабактарды пландаштырууда сабакты өткөрүүнүн кадамдарын иштеп чыгуусу зарыл. Мындан тышкары, мугалим сабактын кээ бир кадамдарынан кийин калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонууну пландаштырышы керек. Мындай иш предметтик материалды өздөштүрүүнүн эң баштапкы баскычтарында көйгөйлөрдү аныктап, окуучуларга аларды чечүү үчүн жардам берүү максатында аткарылат. Мындай ыкма окуучуларга төмөнкүлөргө жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет:

- алдыга коюлган максатты оңой түшүнүү;
- ишти кадам боюнча аткаруу;
- ишти өз алдынча баалоо;
- көйгөйлөрдү баштапкы баскычтарда аныктоо;
- көйгөйлөрдү чечүү үчүн жасалуучу кадамдарды пландаштырууга (өз алдынча же мугалим менен биргеликте).

Окуу тапшырмасын аткаруунун алдында ийгиликке жетүүнүн алгоритмин (кадамдарды) билүү мыкты натыйжаларга жетишүүгө өбөлгө түзөт.

Мугалим окуучулар ийгиликке жетиши үчүн сабакты өткөрүүдө пландаштырылган алгоритм алып барышы керек. Мисалы, «*Окуучулар сүйлөмдө сын атоочторду таба алышат, сын атоочтун түрүн аныктай алышат*» деген максатты ишке ашырууда төмөнкү кадамдар сакталышы керек:

**1-кадам.** Мугалим окуучуларды сын атооч жөнүндө эмнелерди билсеңер, баарын эстегиле жана дептерге жазгыла деп суранат.

**2-кадам.** Мугалим окуучулардын жоопторун тактага жазат да, сын атооч жөнүндө окуучулардын болгон билимдерин жалпылайт.

**3-кадам.** Мугалим сын атоочтун түрлөрү жөнүндө жаңы теманы түшүндүрөт жана мисалдарды келтирет.

- Мугалим кыргыз тилиндеги сын атоочтун түрлөрү (сапаттык жана катыштык сын атоочтор) жөнүндө айтып берет.
- Сын атоочтордун түрлөрүн салыштырат, мисалдарды келтирет.
- Берилген сын атоочтордун түзүлүшүн мисалдарды колдонуп түшүндүрүп берет.

**4-кадам.** Мугалим окуучуларга берилген сүйлөмдөрдөн сын атоочторду табууну жана алардын түрлөрүн аныктоону талап кылган тапшырманы аткарууну сунуштайт.

**5-кадам.** Окуучулар сүйлөмдөрдү окушат жана андагы сын атоочторду белгилешет, алардын түрүн аныкташат. Өз жоопторун негиздешет.

**6-кадам.** Текшерүү иш. Мугалим окуучуларга тексттеги сын атоочтор коюлбаган жерлерге тиешелүү сын атоочторду коюп жазууну сунуштайт.

Кадамдардын мындай ырааттуулугу мугалимге ийгиликти алдын ала болжоого (прогноздоого) мүмкүнчүлүк берет, демек окуп-үйрөнүү максатына жетүүгө көмөктөшөт.

**1-мисал. 8–класс. Тема: Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү**

| Сабактын темасын, максатын жана милдеттерин айтуу |
|---|
| **1-кадам**<br>Саламдашуу жана уюштуруу иштерин жүргүзүүдөн кийин (1-1,5 мүнөттөн ашык эмес)<br>Мугалим окуучулардан сүйлөм деген эмне жана сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар экендигин эстеп, айтып берүүсүн суранат. |
| **2-кадам**<br>Мугалим окуучулардын жоопторун тактага жазат да, аларды жалпылайт. Андан соң окуучуларга жаңы теманы түшүндүрөт.<br>«Грамматикалык түзүлүшү боюнча сүйлөм жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жөнөкөй сүйлөмдө бир эле грамматикалык негиз, т.а. баш мүчө болот, ал эми татаал сүйлөм эки же андан көп грамматикалык негизден турат. Мисалы: Жаан жаайт. Акылдын көркү – тил, тилдин көркү – сөз»[1] |
| **3-кадам**<br>Тапшырма: Берилген сүйлөмдөрдүн түрүн аныктагыла. Өз жообуңарды түшүндүргүлө.<br>*1. Биздин шаарда дарактар көп.*<br>*2. Биз өзүбүздүн шаарыбызды жакшы көрөбүз.*<br>*3. Бийик тоодо ак илбирстер жашашат, анткени алар бийиктикти сүйүшөт.*<br>*4. Китеп адамдын эң жакын досу, анткени ал бизге дайыма туура жол көрсөтөт.* |
| **4-кадам**<br>Мугалим окуучуларды кичи топторго бөлүп, окуу китебиндеги № 80, 81 жана 82 көнүгүүлөрдү аткарууну суранат. Ар бир окуучу адегенде өз алдынча иштейт, андан кийин кичи топто талкуу жүрөт. |
| **5-кадам**<br>Тапшырманы аткарган соң, ар бир топ өзүнүн ишин презентациялайт. |
| **6-кадам**<br>Мугалим «**Карточканын индекси» (жалпылоо же суроолор үчүн)** деген калыптандыруучу баалоонун техникасын колдонот.<br>Мугалим окуучуларга эки бетинде тең тапшырмалары бар карточкаларды таратып берет:<br>**1-бетинде:** Өтүлгөн тема боюнча түшүнгөнүңөрдү жазып бергиле жана жалпылагыла.<br>**2-бетинде:** Өтүлгөн тема боюнча кайсы *суроолор сен үчүн дагы эле түшүнүксүз бойдон калды?*<br>али түшүнө элек нерселериңерди жазгыла жана суроолорду бергиле.<br>Бул ишти кичи топтордо да өткөрсө болот. Тапшырма аткарылгандан кийин мугалим иштин жыйынтыгын жалпылайт. |

Биз көрүп тургандай, мугалим сабак учурундагы ишмердүүлүктүн ар бир кадамын пландаштырат, б.а. ийгиликке жетүүнүн алгоритмин түзөт, ал эми бир нече кадамдарды аткарган соң, калыптандыруучу баалоону пландаштырат жана өткөрөт. Белгилеп кетчү маанилүү нерсе – калыптандыруучу баалоону өткөргөндөн кийин, мугалим окуучулар кетирген каталардын үстүндө алар менен биргеликте иштейт.

[1] *Усеналиев С.* Кыргыз тили. 6-класс. Бишкек: 2004.

**2-мисал. 6-класс. Тема: Этиштин чак мүчөлөрү**

| **Сабактын структурасы** | **Мисал** |
|---|---|
| Сабактын темасын, максатын жана милдеттерин айтуу | |
| **Окуучулардын таяныч билимдери менен билгичтиктерин актуалдаштыруу** | Окуучулар сүйлөмдөрдө этиштерди табышат жана этиштин касиеттерин санап беришет. |
| **Эрежени аныктоо** | Мугалим окуучуларды берилген сүйлөмдөр бири-биринен эмнеси менен айырмалана турганын айтып берүүсүн суранат: *Жаан жаап жатат. Жаан басылды. Эртең жаан жаайт).*<br>Окуучулардын жоопторун угуп, андан кийин мугалим толуктайт:<br>▪ этиштин учур чагы «жатат» деген жардамчы этиш аркылуу жасалат.<br>▪ этиштин өткөн чагы -ган, -ды,-чу (алардын фонетикалык варианттары) мүчөлөрү аркылуу жасалат. Этиштин келер чагы -а,-о, -ө, -е,-й + жак мүчө (предикатив ) аркылуу жасалат. |
| **Жаңыдан алынган билимдерди бышыктоо (Көнүгүүлөрдү аткаруу)** | Класс кичи топторго бөлүнөт (4-5 адамдан). Топторго тексттер таратылат.<br>Мугалим бардык топторго бирдей тапшырма берет:<br>1. Тексттеги этиштердин алдын сызып койгула.<br>2. Этиштин чагын аныктагыла, жообуңарды түшүндүргүлө.<br>Иштин жыйынтыгын топтор презентациялашат, мугалим иш-аракеттин натыйжасын жалпылайт жана теманы бышыктоо үчүн дагы эмнелерге көңүл буруу керек экенин баса белгилейт. |
| **Калыптандыруучу баалоо** | Мугалим окуучулардан 3 мүнөттүк эссе[1] жазуусун суранат. Бул тапшырманы аткаруу үчүн мугалим окуучуларга төмөнкү суроолорду берет:<br>▪ ***Этиштин чактары жөнүндө сен эмнелерди билдиң?***<br>▪ ***Кайсы суроолор сен үчүн дагы эле түшүнүксүз бойдон калды?***<br>Мугалим окуучуларга эссе жазууга убакыт берет. (2-3 мүнөт). Окуучулар тапшырманы бүтүрүшкөндөн кийин кээ бир окуучуларды эсселерин окуп берүүсүн өтүнөт. |
| **Иштин жыйынтыктарын талкуулоо жана теориялык жактан интерпретациялоо** | Окуучулар пайда болгон суроолор боюнча түшүндүрмөлөрдү алышат.<br>Мугалим эсселерди чогултуп алат жана сабактан кийин аларды талдап, кийинки сабакты пландаштырат. |

[1] Эссе ( фр. тил.essai – очерк). 1. Автордун жеке көз карашын чагылдырган, анча чоң эмес проза түрүндөгү текст. 2. Белгилүү бир тема боюнча жазуу түрүндөгү чыгармачыл тапшырма.

**КОРУТУНДУ**

1. **Мугалим сабакты пландаштыруу учурунда ар бир окуучунун ийгиликке жетүү алгоритмин түзүшү керек.**
2. **Ийгиликке жетүү алгоритми мугалим менен окуучу аткара турган бардык кадамдарды өзүнө камтышы зарыл.**
3. **Ийгиликке жетүүнүн алгоритмин түшүнүү окуучуларга ишти кадамдар боюнча аткарууга, ишти өз алдынча баалоого, көйгөйлөрдү баштапкы баскычтарда аныктоого, аларды чечүү үчүн кадамдарды пландаштырууга мүмкүнчүлүк берет.**
4. **Сабактын кадамдарын пландаштырууда сабактын темасын өздөштүрүүнүн арадагы деңгээлин аныктоо, анын негизинде теманы изилдөөнү улантуу, бышыктоо же кайталоо зарылчылыгы жөнүндө чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн, мугалим калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонууну да пландаштырышы керек.**
5. **Төмөнкү учурларда калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонууну эске алуу зарыл:**
   - жаңы материалдын кандайдыр бир көлөмү каралып бүткөн соң;
   - корутунду чыгаруу зарыл болгон учурда;
   - кээ бир окуучулар тапшырманы аткаруу боюнча көрсөтмөлөргө көңүл бурбай калган учурда.

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

?

**Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Берилген суроолорго жооп бериңиз. Өзүңүздүн жообуңуздун вариантын кесиптештериңиз менен талкуулаңыз.**

**1. Ийгиликке жетүүнүн алгоритми – бул ...**

а) натыйжага жетүү үчүн аткаруучунун кыймыл-аракеттеринин иретин сүрөттөөчү *нускамалардын* так жыйындысы
б) берилген тапшырманы аткаруу үчүн пландаштырылган кадамдардын ырааты
в) а жана б

**2. Алгоритмдин кайсы баскычында калыптандыруучу баалоону өткөрүү зарыл?**

а) пландаштырылган бардык кадамдар аткарылгандан кийин
б) кээ бир кадамдарды аткаргандан кийин
в) ишти баштардын алдында

**3. Эмне үчүн окуучулар ийгиликке жетүүнүн алгоритмин түшүнүшү керек?**

# 3. КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШ

Мугалимдин столунун үстүндө жаткан **кичинекей дептер «Мага жардам бергиле!»** деп аталат. Ар бир окуучу аны алып, ага өзүнүн ар кандай өтүнүчтөрүн жазса болот: суроо бере алат, өтүнүч менен кайрыла алат, өзүнүн кыйынчылыктары жөнүндө айта алат жана кеңеш менен жардам ала алат.

*Мындай кайтарым байланыш техникасын уюштуруу тууралуу маалымат 1983-жылы, 22-февралда чыккан «Первое сентября» гезитинен алынды.*

Кайтарым байланыш – бул максатка жеткире турган конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш суроолор тууралуу комментарийлерди берүү жана алуу процесси.

**Калыптандыруучу баалоо – мугалим менен окуучунун ортосундагы тынымсыз кайтарым байланыш агымы жана окутуу процессин жакшыртуу максатында мугалим менен окуучулардын ишмердигине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү.**

Кыргыз тил сабагында кайтарым байланыш мугалимге окуп-үйрөнүү процесси кандай жүрүп жаткандыгы тууралуу түшүнүк берет, окуучулардын жетишкендиктери жана көйгөйлөрү жөнүндө маалымдайт.

**Кайтарым байланыштын эки түрү бар: оозеки кайтарым байланыш жана жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш.**

**БУЛ МААНИЛҮҮ!**

**Кайтарым байланыштын кайсы түрү колдонулбасын, мугалим төмөнкүлөргө басым жасашы керек:**

- **окуучулар ийгиликтүү аткарган нерселерди белгилеши керек;**
- **окуучулар өз ишин андан ары жакшыртууга түрткү бере турган так сунуштарды бериши керек.**

Кайтарым байланыш:

- окуучу үчүн – окуудагы өз жетишкендиктерин жана кемчиликтерин билүүгө жардам берүүчү маалыматты алуу жана андан ары алдыга жылуу үчүн конкреттүү сунуштар.
- мугалим үчүн – окутуудагы кемчиликтерди билүүгө жардам берүүчү маалыматты алуу жана өз ишмердигине өзгөрүүлөрдү киргизүү (жаңы усулдарды, окутуу техникаларын тандоо, сабактын убактысын бөлүштүрүүгө өзгөрүүлөрдү киргизүү ж.б.)

Маселен, 5-класста кыргыз тили сабагында окуучулар мугалим берген көнүгүүнү аткарып жатышат. Берилген көнүгүү аткарылгандан кийин, мугалим эми схема боюнча сүйлөм түзгүлө деп сунуштайт. Классты аралап жүрүп, мугалим окуучулардын биринин тапшырманы туура эмес аткарып жатканын байкайт. Окуучунун көйгөйүн түшүнүп, мугалим окуучуну доскага чакырып, сүйлөмдү аны менен бирге түзөт.

| Стандарттуу кырдаал | Калыптандыруучу баалоо сунуштаган жол |
|---|---|
| Тапшырма аткарылгандан кийин мугалим окуучуга суроо берет:<br>– *«Асан, кайсы жерде ката кетиргениңди эми түшүндүңбү?»*<br>*Окуучу:*<br>– Ооба, – деп жооп берет да, ордуна барып отурат. | Тапшырма аткарылгандан кийин мугалим окуучуга суроо берет:<br>– *«Сен тапшырманы аткарууда кайсы жерде ката кетиптирсиң?»*<br>Окуучу туура эмес аткарылган жерди көрсөтөт.<br>Мугалим:<br>– *«Сен эмне үчүн бул жерди туура эмес аткардың? Кел талдап көрөлү».*<br>Окуучу тапшырманы мурда кантип аткарганын жана эми туура жооп алыш үчүн кантип аткарыш керек экендигин түшүндүрөт. |
| ***Комментарийлер***<br>***Келгиле, окуучунун ордуна өзүбүздү коюп, мугалимдин суроосуна жооп бергенге аракеттенсек, чынында окуучу эмнеден кыйналып жаткандыгын баамдап түшүнбөгөндүгүн байкайбыз. Ал эми окуучу катасын аңдап түшүнүүсү үчүн мугалим эмне кылышы керек?*** | ***Комментарийлер***<br>***Көйгөйгө карата мындай ыкманы колдонгондо, окуучу кайсы тапшырманы аткарууда ката кетиргендиги, эмне үчүн аны туура эмес аткаргандыгы, туура жооп алыш үчүн кантип аткаруу зарыл экендиги аныкталат, башкача айтканда, окуучу мунун баарын өзү да баамдап түшүнөт.*** |

Кайтарым байланыштын куралдарына төмөнкүлөр кирет:

- **Жазуу түрүндөгү комментарийлер**
- **Байкоо жүргүзүүлөр**
- **Чагылган-сурамжылоолор**
- **Фронталдуу сурамжылоо**
- **Суроолор**
- **Кайтарым байланыш күндөлүктөрү**
- **Өзүн-өзү көзөмөлдөө дептерлери жана башкалар.**

***«Кайтарым байланыш күндөлүктөрүн» колдонуу аркылуу кайтарым байланыш жүргүзүү.***

Сабактын аягында мугалим окуучуларга төмөнкү эки суроого жооп жазууну сунуштайт:

- *Мен сабакта баарын жакшы түшүндүм жана аларды аткара алам.*
- *Мен ______________түшүнгөн жокмун. Мен үчүн ________________ болуп жатат.*

Окуучулар суроолорго жооп бергенден кийин, мугалим «кайтарым байланыш күндөлүктөрүн» карап чыгуу үчүн чогултуп алат. Окуучулар жазган жооптор менен мугалим сабактан кийин таанышып чыгат. Алынган маалыматты мугалим кийинки сабактарды пландаштырууда колдонот. Окуучуларга тема боюнча көйгөйлөрүн жеңүүгө жардам берүүгө көңүл бурат.

Мугалим ар бир сабактын максаттарын окуучулардын айкын иш-аракеттери аркылуу аныктаганда, ар бир окуучуга өз билимдеринин жана билгичтикеринин калыптануу деңгээлин баалай алат, жана өзүнүн өздөштүрүү процессине кандай оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү зарылчылыгы тууралуу чечим кабыл алууга мүмкүнчүлүк алат.. Мындай ишмердик үчүн мугалим төмөндө сунушталган «Өзүн-өзү көзөмөлдөө дептеринин» формасын колдонсо болот. Эгерде окуучулар «Өзүн-өзү көзөмөлдөө деп-

терин» толтуруп жүрүшсө, практика көрсөткөндөй мындай жагдай окуучулардын окуудагы кыйынчылыктарынын себептерин аныктоого жана алардын билиминдеги кемчиликтерди толуктоого көмөктөшөт.

**«Өзүн-өзү көзөмөлдөө дептеринин» формасы** (болжолдуу)


| *Дата ____________________*<br>*Сабактын № ______ Сабактын темасы: Лексика жана фразеология (8-класс)* | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Эмнени билишим керек** | **Билем** | **Баа** | | | **Менин кыйынчылыктарым** | **Сунуштар** |
| | | Менин баам | Класташымдын баасы | Мугалимдин баасы | | |
| *Лексика жана фразеология деген эмне* | *Лексика деген эмне экенин билем* | 4 | 4 | 3 | *Фразеологизмдердин маанилерин түшүндүрүүдө кыйынчылыктарга дуушар болом* | *8-беттеги эрежени кайталоо, фразеологиялык сөздүктү колдонуп, 16-көнүгүүнү аткаруу* |
| **Эмнени аткара алышым керек** | **Аткара алам** | **Баа** | | | **Менин кыйынчылыктарым** | **Сунуштар** |
| | | Менин баам | Класташымдын баасы | Мугалимдин баасы | | |
| *Синонимдерди, антонимдерди, омонимдерди, фразеологизмдерди ж.б. тапканды жана колдонгонду билишим керек* | *Синоним жана антонимдерди тапканды билем* | 4 | 4 | 3 | *Кээде омонимдерди жана фразеологизмдерди туура эмес колдоном.*<br>*Аларды жазуу түрүндөгү кепте колдонууда кыйналам.* | *Омонимдердин жана фразеологизмдердин сөздүгүнүн жардамы менен омонимдерди жана фразеологизмдерди колдонуп текст түзүү.* |

Кайтарым байланыштын күндөлүгү жана өзүн-өзү көзөмөлдөө дептери окуучуга өздөштүрүлүп жаткан теманы өз кыймыл-аракеттеринин алкагында толук көрүүгө жана өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша окуу жана таанып-билүү ишмердигин уюштурууга мүмкүнчүлүк беришет. Мугалим болсо окуучуга пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү боюнча багыттуу жардам бере алат.

## 3.1. Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш

**Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш – бул окуучуга мугалим тарабынан жазуу түрүндө комментарийлерди берүү.** Жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш кыргыз тили сабагында окуучулардын үй иши, жат жазуу, эссе, дил баян, портфолио жана башкалар сыяктуу жазуу иштерин текшерүүдө колдонулат.


***1-мисал.*** Биз «стандарттуу», мугалимдердин окуучулардын иштерин текшерүү практикасында кабыл алынган ишмердикти көрүп турабыз. Окуучунун иши текшерилди, мугалим бааны койду.


Жетинин айынын ону
Эмгек
„Эмгек" деген сөздү укканда,
мен ийгилик дегенди эстейм.
Анткени иштебеген адам эч
качан өзүнүн максатына жет-
пейт. Биздин ата-энелерибиз да
бизди эмгектенип багып жатышат
да.
Эмгек менен талаа гүлдөйт,
шаарлар курулат. Адамдардын
жашоосу жакшы болот. Биз
бардыгыбыз жакшы окушубуз,
аракет кылышыбыз керек.
4/3

Мындай текшерүүнүн түрүндө мугалим бааны дароо коёт. Текшерүүнүн бул түрү окуучуларга жетишкендиктерин жакшыртууга эч кандай жардам бербейт, ал эми кээ бир учурларда аларда окууга бейкапар мамиленин калыптанышына алып келет. Алдыңкы окуучу теманы, предметти окуп-үйрөнүүгө кызыгын жоготуп, жетишип окуй албаган окуучуга айланышы мүмкүн.

Калыптандыруучу баалоодо мугалимдин өз сунуштарын жазуусу үчүн төмөнкү сунушталган жолдор колдонулат:

***2-мисал.*** «Энчилүү зат атоочторду жазуунун эрежелери» аттуу тема боюнча жазылган жат жазууну текшерүүдө жазуу түрүндөгү кайтарым байланыштын үлгүсү




Берилген мисалда окуучуга жазуу түрүндөгү натыйжалуу кайтарым байланыш берүү ыкмасы көрсөтүлгөн. Мугалим окуучуга ишин жакшыртуу үчүн конкреттүү сунуштарды берди. Мугалим ишти жакшыртуу үчүн өз комментарийлерин алгоритм (кадамдар) түрүндө берген кайтарым байланыш окуучуга көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Жат жазууну текшергенден кийин мугалим окуучуга каталарын оңдогонго мүмкүнчүлүк берет.

Ал эми жыйынтыктоочу диктант пландаштырылган учур болсо, анда мугалим баа коюунун жалпы кабыл алынган нормаларына таянып баа коёт.

**БУЛ МААНИЛҮҮ!**

1. **Бир ишке көп комментарий берүүнүн кереги жок;**
2. **Комментарийлер окуучунун окуучуну окуп-үйрөнүү максаттарына жараша кандай аракеттенгендиги тууралуу жана андан ары ишин кантип жакшыртуу керектиги жөнүндө маалымат менен камсыздашы керек.**
3. **Комментарийлер баалоо критерийлерине ылайык берилиши керек!**[1]

Комментарийлерди берүүдө кайтарым байланыштын үч түрүн колдонсо болот:

1. **Эске салуу.**
2. **Баскычтар боюнча жардам берүү. Мындай жардам төмөнкү аракеттер аркылуу ишке ашат**:
   а) суроолор аркылуу;
   б) сүрөттөө;
   в) толук эмес сүйлөмдөр.
3. **Үлгү берүү**

***Мисалы:***

**1. Эске салуу.**

Жогоруда көрсөтүлгөн мисалда мугалимдин сунушу эске салуу формасында берилген.

**2. Баскычтар боюнча жардам берүү**

1) **суроолор аркылуу:** *Кайсы учурда татаал сүйлөмдө үтүр коюлат?*
2) **сүрөттөө:** *Сүйлөмдүн түрүн сүрөттөп бергиле.*
3) **толук эмес сүйлөмдөр***: Сүйлөмдү аякта: Зат атооч – бул сөз түркүмү, ал....*

**3. Үлгүнү көрсөтүү.**

Мисалы, окуучулар «сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү» деген тапшырманы аткара албай жатышат дейли.


**Мугалим синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн алгоритми жазылган плакатты тактага илип коёт.**

| **Сүйлөмгө синтаксистик талдоо жүргүзүү мисалынын үлгүсү** | | |
|---|---|---|
| 1. | Берилген сүйлөмдөгү баш мүчөлөрдү тапкыла жана алардын астын сызгыла. | *Жакында жайкы каникул башталат.* |
| 2. | Аларды кантип аныктадыңар, түшүндүргүлө. | Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү: ээси – «*каникул*», «эмне?» деген суроого жооп берет, атооч жөндөмөсүндө турган зат атооч аркылуу уюшулган.<br>Баяндоочу – «*башталат*», «эмне кылат?» деген суроого жооп берет, этиш аркылуу уюшулган. |

[1] *Шакиров Р., Буркитова А., Дудкина О.* Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо., 2011-ж.

| | | |
|---|---|---|
| 3. | Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн тапкыла, алардын астын сызгыла, өз жообуңарды түшүндүргүлө. | Айкындооч мүчөлөр – *«жакында»* – мезгил бышыктооч, «качан?» деген суроого жооп берет, тактооч аркылуу уюшулган.<br>*«жайкы»* – аныктооч, «кайсы?» деген суроого жооп берет, сын атооч аркылуу уюшулган. |
| 4. | Корутунду чыгаргыла. | Бул жөнөкөй эки тутумдуу сүйлөм. |

Мугалим окуучулар менен биргеликте синтаксистик талдоо жүргүзүүнүн иретин талдап чыгат, андан кийин үлгү боюнча ушул сыяктуу тапшырманы аткарууну сунуштайт. 7-класста дил баянды текшерүүгө жана жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш берүүгө мисал.


Чын куран айынын беши
Жаз
Азамат! Сөзүмө үндүүлөрдү туура жазгансың.
Сыдырым жел согуп, шактары ийиле самсалаган жалбыраксыз мажүрүм талды ыргап жатты. Көңүлгө жагымдуу жаз жыты келип, кайгыга батып тумандаган жүрөгүмдү тынчтандырып койду. Чымчыктар улам жаңы, улам башка кайталангыс ырларын ырдашып, жер да оор уйкудан ойгонгондой. Бары жаңы, бары татына.
Кыш бою ак кар, көк муз жамынган тоолордогу мөңгүлөрдүн бир тобу жаздын сулуу келбетине, жылуу илебине туруштук бере албай, биртикеден ээрип, шылдырап ага берди. Анын ар бир шылдыр үнү тоонун да, жер эненин да бүгүп жаткан муңун, кайгысын кошо агызып, бардыгын тазалагандай.
Адамзаттын жүрөгү да ошол тоо суусу жууган жылга-жылгалардай таза, адырлардын гүлдөрүндөй назик, аруу болсо гана...
Жаздын жаңырган келбетине, жагымдуу илебине кошулуп бары жаңырып, бары тазарып, бары арууланып, жер үстүндө адамдын жашоосу коктомдук күнүндөй бейпил болсун!
Пикир.
Дил баяндын мазмуну абдан жакшы жазылган. Жанры боюнча дил баян - этюд десек болот. Теманы ачууда көркөм стилге мүнөздүү болгон салыштыруулар колдонулган. Стилдик бүтүндүк сакталып, гап жайып ойлор калтырылган эмес.
Жыйынтыктап айтсак, жогоруда көрсөтүлгөн айрым кемчиликтердин үстүндө иш жүргүзүлсө, дил баян мазмуну гана эмес, сабаттуулугу да жогору болот деп ойлойм.

Көпчүлүк мугалимдер окуучунун ишиндеги бардык каталарды таап, аларды белгилеп чыгуу керек деп эсептешет. Бул туура, бирок ар бир катаны мугалим сөзсүз түрдө өзү оңдоп чыгышы керек дегенди билдирбейт. Анткени мындай жагдайда окуучу каталарды табуу жана оңдоо процессиндеги пассивдүү байкоочунун ролун гана аткарып калат.

Калыптандыруучу баалоонун максаты – окуучуларды өз алдынча же мугалимдин багыттоосу менен өз каталарын табууга жана аларды оңдоого үйрөтүү. Калыптандыруучу баалоодо мугалимге окуучунун иши боюнча кайтарым байланыш берүүдө түрдүү белгилерди же түстөрдү колдонуу сунушталат, мындай ыкма окуучулардын өз алдынча үйрөнүүсүнө шарт түзөт.

**БУЛ МАНИЛҮҮ!**

**Бир мектептин же бир усулдук бирикменин мугалимдерине окуу жылынын башталышында кайтарым байланыш жазуу үчүн бирдей түстөрдү, шарттуу белгилерди колдонуу тууралуу сүйлөшүп алуу зарыл, мисалы, жашыл түс – жакшы аткарылган иш, кызыл түс – ишти толугу менен же анын айрым бөлүгүн кайрадан иштеп чыгуу керек ж.б.**

Окуучунун ишине жазылган сунуштар кандайдыр бир деңгээлде окуучу үчүн колдонмо болуп калат. Жазуу түрүндөгү сунуштарды берүүдөн мурда адегенде иштин багытын аныктап алуу зарыл. Андан соң жакшыртууну талап кылган иштин бир бөлүгүн же бөлүктөрүн аныктап, аларды белгилеп алуу керек. Өзүңүздүн сунуштарыңызды иштин ката кеткен жерине же иштин аягына жазып, иштин кайсы бөлүгүнө тийиштүү экенин жебе менен белгилеп коюу зарыл.

Жазуу түрүндөгү сунуш окуучуга **ката кеткен жерди так көрсөтүп, катанын түр (тиби), аны оңдоого жардам бере турган тиешелүү параграф, эреже келтирилген окуу китебиндеги тийиштүү беттери келтирилген маалыматты камтышы керек.** Окуучулар өз иштерин жакшыртуу үчүн мугалимдин сунуштарынын негизинде (дагы бир жолу теманы, теориялык материалды, эрежени кайталап) каталардын үстүндө иштешет. Окуучуларга жазуу түрүндөгү кайтарым байланыш берилгенден кийин ишти жакшыртуу үчүн белгилүү бир убакыт берилет (көп учурда кийинки сабакка чейин). Берилген убакыттан кийин мугалим ишти текшерип, анан баа койсо болот.

Мындай кайтарым байланыш окуучулардын тигил же бул тема боюнча билимдерин кеңейтүү жана бышыктоо үчүн ыңгайлуу жана усулдук жактан акталган шарттарды түзүп, о.э. окуу процессиндеги «мугалим-окуучу» өз ара байланышы үчүн жагымдуу чөйрөнү түзөт.

**Жазуу түрүндөгү кайтарым байланышты натыйжалуу ишке ашыруу үчүн төмөнкү кадамдарды жасоо зарыл:**

1. **Окуучуларга алардын иштерин баалоонун жаңы формасын колдоно турганыңызды түшүндүрүңүз, эми алардын жазуу иштеринде кээде баа коюлбай тургандыгы тууралуу эскертиңиз. Эгерде баа коюлбаса, анда мындай ишке сунуш жазыла турганын айтыңыз. Окуучулар ага таянып, өз иштерин оңдоп, жакшыртып, берилген мөөнөттө мугалимге кайрадан тапшырышы керек.**

2. **Иш-аракеттин жаңы түрүн окуучулар айкын түшүнүшү үчүн алар менен мындай кайтарым байланыштын оң жактарын талкууласаңыз болот. Талкуулоо үчүн окуучулардын иштерининин бир нече үлгүлөрүн берсеңиз болот.**

3. **Мектептин жетекчилигин, кесиптештериңизди кайтарым байланыштын жаңы формасын колдонуу тууралуу чечимиңиз менен тааныштыруу үчүн ал жөнүндө, анын принциптери жана артыкчылыктары тууралуу педкеңешмеде же предмет боюнча усулдук кеңешмеде билдирүү жасаңыз, алар менен кайтарым байланыштын бул түрүн колдонууда мугалим менен окуучунун милдеттерин талкуулаңыз.**

4. **Иш алып баруунун жаңы жолун ата-энелер чогулушунда да талкуугa салыңыз. Алар жаңылануу жөнүндө маалымдар болуп, ага көбүрөөк көңүл бөлүүлөрү зарыл.**

## 3.2. Оозеки кайтарым байланыш

**Оозеки кайтарым байланыш окуучуга анын ишмердигине байкоо жүргүзүүнүн, ар кандай иштерди аткаруусунун жыйынтыгына карата оозеки формада комментарий берүү дегенди билдирет.** Мугалимдин комментарийи толук (кеңири) же кыска (кеңири эмес) болушу мүмкүн. Калыптандыруучу баалоонун максатына жетүү үчүн, башкача айтканда, окуучуга натыйжалуу кайтарым байланыш берүү үчүн окуучу кеңири комментарий алышы керек. Кыска же кеңири эмес комментарийлерди колдонуу сунушталбайт, мындай комментарийлер окуучуга «азамат», «жакшы», «туура эмес» деген мугалимдин баа берүүсүн гана чектелип, ишти аткарууга, аны жакшыртууга пайдалуу багыттамаларды бербейт. Мугалимдин кеңири комментарийи өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

**а) эмнелер туура аткарылгандыгын так көрсөтөт**.

***1-мисал.* 8-класс.**

Мугалим окуучуну тактага көнүгүүнү аткаруу үчүн чакырды. Окуучу тапшырманы төмөнкүдөй аткарды:

*Тапшырма:* Белгиленген сөз сүйлөмдүн кайсы мүчөсү экендигин аныктоо жана өзүнүн жообун негиздөө.

*Өздөрүн Мекенге кызмат кылууга арнаган **адамдар жөнүндө** билүү кызыктуу.*

Жооп: *Белгиленген сөз толуктооч* .

Мугалим: *Сен эмне үчүн мындай деп ойлойсуң?*

Окуучунун жообунан кийин мугалим: «Акыл, рахмат, сен тапшырманы туура аткардың! Балдар, тапшырманын туура аткарылышына көңүл бургула!» – дейт.

**б) жоопто айрым катачылыктар кездешкен учурларда кантип катаны оңдоп, жоопту жакшыртса боло тургандыгын көрсөтүү.**

***2-мисал.* 7- класс.**

*Тапшырма:* Берилген сөздөрдүн арасынан кайсылары жандуу зат атоочтор экенин аныктагыла жана аларды өзүнчө жазгыла.

*Үй, адамдар, саат, убакыт, дарак, китеп, көчө, күн, жаныбарлар, мугалим, сүрөтчү.*

Окуучу тапшырманы төмөнкүдөй аткарды:

*Адамдар, дарак, жаныбарлар, мугалим, сүрөтчү.*

Мугалим: «Бермет, сен тапшырманы дээрлик туура аткардың, бирок жакшылап карап көрсөң, бардык зат атоочтор жандуу зат атоочторго киреби?» Мугалим: «Жандуу зат атоочтор кайсы суроолорго жооп берерин эстегилечи? Ал суроолорду тандалган сөздөргө дагы бир жолу берип көргүлөчү?» – деп сунуштайт. Окуучу берилген суроолорго жооп берип жатып, «*дарак*» деген сөз эмне? деген суроого жооп берерин байкайт, демек бул сөз жандуу зат атооч эмес деп корутунду чыгарат.

**Мугалимдин комментарийлери (натыйжалуу оозеки кайтарым байланыш) төмөнкү жолдор менен берилиши мүмкүн:**

- Туура жооптор алынган учурда айтылуучу сөздөр: «Рахмат, бул туура жооп», «Рахмат, баары туура», «Рахмат, балдар, көңүл бургула, Зарина жоопту абдан так берди», «Рахмат, сен туура жана толук сүйлөм менен суроого жооп бердиң, азаматсың!»;

- Туура эмес же толук эмес жооптор алынган учурда айтылуучу сөздөр :

**а) «Рахмат, жакынырак, бирок анча так эмес жооп , дагы ойлонуп көрчү...»,**

Мисалы: окуучу: *«Кыргыз тилинде беш жөндөмө бар»* – деген жоопту берет.

**б)** Мугалим**: «*Рахмат, жакынырак, бирок анча так эмес жооп, дагы ойлонуп көрчү…».***

**в) «Рахмат, жакшы аракет кылдың, бирок анча так эмес»,**

Мисалы: Окуучу сөздү тутуму боюнча талдоодо мүчөнү аныктап жатып ката кетирди.

Мугалим: *«Рахмат, Асан, жакшы аракеттендиң, бирок анча так эмес, эстесең, мүчө деп эмнени айтабыз, анан сөздү көптүк формасында коюуга аракет кыл.»* .

**г) «Рахмат, бул туура багыт, бирок, кел, бирге ойлонуп көрөлү...»,**

Мисалы, сөзгө фонетикалык талдоо жүргүзүп жатып, окуучу сөздөгү үндүүлөр менен үнсүздөрдүн санын гана айтты.

Мугалим: *«Рахмат, бул туура багыт, бирок кел бирге ойлонолу, дагы фонетикалык талдоодо эмнелерди кылыш керек?»*

**д)** «**Рахмат. Балдар, Гүлнур ушинтип ойлойт экен, ал эми силер кандай деп ойлойсуңар?»,**

Мисалы: Сүйлөмдүн түрүн аныкташ керек: *«Биз бизди тоюнткан жер менен бекем байланыштабыз»*

Гүлнура бул сүйлөмдү татаал сүйлөм деп эсептейт.

Мугалим класска суроо менен кайрылат: *«Рахмат. Гүлнура бул сүйлөмдү татаал сүйлөм деп эсептейт. Силер кандай деп ойлойсуңар?»*

**е) «Рахмат, бирок, келгиле, дагы бир жолу суроону угалы... Сен суроого кандай жооп бердим деп ойлойсуң?»,**

Мисалы: Мугалим окуучуга төмөнкү суроону берет: Сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү айкындооч мүчөлөр болуп эсептелет? Окуучу: Ээ, баяндооч, толуктооч, аныктооч, бышыктооч.

Мугалим: *«Рахмат, бирок, келгиле, дагы бир жолу суроону угалы... Сен суроого кандай жооп бердим деп ойлойсуң?»*

**ж) «Рахмат, эмне үчүн сен ушундай деп ойлойсуң? Ал эми мындай болсочу...?»,**

Мисалы: Окуучу сүйлөмдөгү белгиленген сөздөр аныктоочтор деп ойлойт:

***Сулуу** кыз **кооз** жазат.*

Мугалим: *«Рахмат, Эркин. Эмне үчүн сен ушундай деп ойлойсуң? Эгерде кооз деген сөз бышыктооч болсочу ? Бул сөз нерсени мүнөздөгөн жок да».*

**з) «Рахмат, бирок, бул жерден сен ката кетирдиң, кел, дагы бир жолу окуп көр...»;**

Мисалы: мугалим расмий жана расмий эмес кагаздардын түрүн атап берүүнү суранат. Жооп берип жатып окуучу жаңылат.

Мугалим: *«Рахмат, бирок, сен бул жерден ката кетирдиң, дагы бир жолу окуу китебинен расмий жана расмий эмес иш кагаздары жөнүндө окугун».*

Окуучулардан туура жана туура эмес жооптор алынган учурларда түшүнүүнүн тереңдигин текшерүү үчүн мугалим тактоочу суроолорду бергени маанилүү, мисалы, эмне үчүн? кантип? ж.б.

## 3.3. Окутуу процессин жакшыртуу максатында кайтарым байланыштын жыйынтыгы боюнча мугалимдин ишмердигине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү

«Черный ящик: что там внутри? Оценка знаний учащихся как способ повышения эффективности учебно-воспитательного процесса» деген эмгегинде П. Блэк жана Д. Уильям ***«Баалоонун жыйынтыктарын эске алуу менен окутуу процессине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүнү»*** калыптандыруучу баалоонун милдеттүү компоненти катары белгилешет.

Текшерүү иштеринин жыйынтыктары окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптанышынын төмөнкү деңгээлин көрсөткөн учурларда мугалим төмөнкүлөрдү кайтадан карап чыгышы керек:

- окутуунун усулдарын жана ыкмаларын;
- окутууну уюштуруунун жолдорун;
- убакытты натыйжалуу башкарууну – материалды түшүндүрүүгө жана бышыктоого убакытты бөлүштүрүүнү;

Ошондой эле:

- класстагы окуучулардын тутумун деталдуу изилдөөнү жана алынган маалыматты эске алуу менен сабакты пландаштырууну;
- тема боюнча класстын мурдагы көйгөйлөрүн изилдөөнү – б.а. тема боюнча диагноздоочу баалоону өткөрүү жана алынган жыйынтыктарды эске алуу менен пландаштырууну;
- классты башкаруу техникаларын;

Мындан тышкары мугалим төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

- окуучулардын типтүү жана жеке кыйынчылыктарын жоюу максатында коррекциялык программаларды иштеп чыгуу;
- окуучулардын убактылуу коррекциялык топторун аныктоо;
- жеке консультацияларды өткөрүү ж.б.

**Мисал: 5-класс, Кыргыз тили. Текшерүү жат жазуусу.**

***Кантип тыйын чычкан менен коён бири-бирин таанибай калышты***

*Жайдын бир күнү тыйын чычкан менен коён таанышып, достошуп калышат. Анан кыш келет. Кар жаай баштайт. Тыйын чычкан өзүнө бийик дарактын көңдөйүнө үй жасап алат. Ал эми коён болсо, бадалдын түбүндө орун алат. Тыйын чычкан досун карап, таанибайт: боз эле, аппак болуп калыптыр. «Бул башка кимдир-бирөө окшойт», – деп тыйын чычкан ойлойт. Коён дагы досун таанибайт, тиги саргыч эле, бул болсо боз тончон экен.*

*Достор бири-бирин жай келгенде гана таанышты. Коён кайрадан боз болуп, ал эми тыйын чычкан кайрадан саргыч түстө болуп калды.*

*Жакут элинин жомогу*

Текшерүү жат жазуунун жыйынтыктары төмөнкүдөй болду:

- «2» ге класстын 5 окуучусу аткарды;
- «3» кө класстын 12 окуучусу аткарды;
- «4» кө класстын 6 окуучусу аткарды;
- «5» ке класстын 2 окуучусу аткарды.

Мындай учурда Сиз эмне кылат элеңиз?

| Стандарттуу көрүнүш | Калыптандыруучу баалоо сунуштайт |
|---|---|
| Кыргыз тили мугалими каталар үстүндө иштөөнү өткөрөт, типтүү каталарды талдоону төмөнкүдөй жүргүзөт:<br>1. Мугалим окуучуларга ката жазылган сөздөрдү дептерге көчүрүп, анан алардын туура жазылган варианттарын жазгыла деген тапшырма берет.<br>2. Мугалим окуучуларга ката кетирилген сөздөрдү атап, аларды жазуунун эрежелерин эстегиле деген тапшырма берет.<br>**Үй тапшырмасы:** окуучуларга тема боюнча эрежелерди кайталап жана мисалдарды жазып келүү сунушталат. | Берилген жумуштун натыйжасы абдан төмөн болгондуктан, мугалим **өзүнүн планына өзгөртүүлөрдү киргизет** – кийинки сабакты кыйынчылыктарды жоюуга арнайт.<br>1. Мугалим жуптарда иштөөнү уюштурат.<br>Жуптардагы окуучулар бири-биринин ишиндеги каталарды кезеги менен аныкташат, эрежелерди эстешет.<br>2. Окуучулардын көпчүлүгү текшерүү диктантын ийгиликтүү жазбагандыктан, мугалим ката кетирилген сөздөр менен сөздүк диктант өткөрөт.<br>3. Мугалим ишти **кичи топтордо** да уюштурса болот. (4-5 адам). Ар бир топ каталар үстүндө иш жүргүзөт, эрежени табат, кетирилген каталарга комментарий берет. Андан кийин ар бир топтон бир окуучу аткарылган ишке комментарий берет. Мугалим тактадагы таблицага ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын киргизет.<br>**Үй тапшырмасы:** Ката кетирилген сөздөр менен сүйлөмдөрдү түзүп келүү. |

**КОРУТУНДУ**

1. **Кайтарым байланышты натыйжалуу кылууга мүмкүнчүлүк бере турган ыкмалар.** Каталарды оңдоонун ордуна жазуу түрүндөгү же оозеки кеңештерди колдонуңуз. Алар каталарды оңдобостон, окуучуга алардын бар экендигин көрсөтүшү керек. Сиз каталар жөнүндө төмөнкү пункттар боюнча маалымат берсеңиз болот:
   - анын жайгашкан орду;
   - катанын түрү;
   - катаны оңдоо үчүн зарыл болгон аракеттер.

2. **Пайдалуу сунуштарды жазуунун үч түрүн колдонуңуз:**

   **а) Эске салуу.** Кеңештердин бул түрү көбүнчө алдыңкы окуучуларга ылайыктуу.
   **б) Баскычтар боюнча жардам берүү.** Кеңештердин бул түрү көбүнчө нускама боюнча иштегенди жакшы көргөн окуучуларга ылайыктуу. Мындай кеңеш бир нече жол менен ишке ашырылат: а) суроолор, б) сүрөттөө, в) толук эмес сүйлөмдөр.
   **в) Үлгүнү берүү.** Бул ыкма көбүнчө орто окуган окуучуларга жардам берет. Мугалим окуучунун ишинде ката бар жерге белги коюп, ал эми жумуштун аягында кенен маалымат бере алат. Бул үчүн ал ката бар жерден кеңеш жазылган жерге чейин атайын белги коюп коёт.

**3. Ишти максаттуу алып барыңыз**

Көп учурда кездешкен каталарга көңүлүңүздү буруңуз эгерде окуучулардын көпчүлүгү кандайдыр бир тапшырманы туура эмес аткарса, анда өз ишмердигиңизге өзгөртүүлөрдү киргизиңиз. Мисалы:

- теманын көйгөйлүү жерлерин окууну улантуу;
- окуучулар окуп жаткан материалды жакшыраак түшүнүшү үчүн кошумча убакыт бөлүү;
- колдонулуп жаткан окутуу усулдарына, окутууну уюштуруу формаларына ондоп-түзөөлөрдү киргизүү.

**4. Бири-бирин баалоо техникасын колдонуп, иштин көлөмүн бөлүштүрүңүз.**

Ишти тапшырардан мурда окуучулар үлгүлөргө таянып, өз иштерин же бири-бириникин текшерип чыгып, комментарий беришсин.

**5. Окуучу менен жеке маектешиңиз**

Окуучулар жазуу иши менен алектенип жатканда кээ бир окуучуларды өзүнчө чакырып (же жанына барып), алардын иши боюнча маектешиңиз.

**6. Тандай билиңиз**

Кээ бир учурларда ишти текшерүүгө жана баа коюуга сиздин убактыңыз абдан чектелүү болгондуктан, иштин белгилүү бир гана бөлүгүн гана карап чыга турганыңызды окуучуларга билдириңиз.

**Мисалы:** «Мен бүгүн синтаксистик талдоону гана текшерем жана ошол жерге гана белгилерди коём» же – «Бүгүн мен үй тапшырмасындагы этиштин морфологиялык белгилерине өзгөчө көңүл бөлөм» ж.б.

**БУЛ МААНИЛҮҮ!**

**Кайтарым байланыш бири-бирин сыйлоо жана жагымдуу кырдаалда берилиши керек. Окуучулар бири-бирине туура кеңеш берип, каталарды оңдоп, ой жүгүртүүнүн же ишмердиктин багытын алмаштырыш үчүн убакыт бөлүнүшү керек.**

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

**Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Берилген суроолорго жооп бериңиз. Өз жообуңуздун вариантын кесиптештериңиздер менен талкуулаңыз.**

**1. Сунушталгандардын ичинен калыптандыруучу баалоону колдонуудагы натыйжалуу кайтарым байланышка эмнелер таандык:**

а) мугалим бардык каталарды оңдойт жана жалпы баа коёт.
б) Мугалим окуучулар менен бирге тапшырманын аткарылышынын алгоритмин түзөт.

в) Мугалим окуучунун ишинде ката бар жерлерди тегерекчелерге алып, аларды кантип оңдоо боюнча сунуштарды берет

г) Мугалим окуучулардын чейректик текшерүү иштерин текшерип, иштериндеги каталарды оңдоо боюнча сунуштарды жазат.

**2. Кайтарым байланыштын үч каражатын атап бериңиз:**

**1.** ...............................................................
**2.** ...............................................................
**3.** ...............................................................

**3. «Кайтарым байланыштын түрлөрү .......................................» деген фразаны улантыңыз.**

**4. Кайтарым байланыштын түрлөрүн мисалдар менен айкалыштыр**

| | |
|---|---|
| **1. Эске салуу** | 128-беттеги тапшырманы аткаруунун үлгүсүн кара, андан кийин ишти текшер |
| **2. Этаптуу жардам берүү**<br>а) суроолор аркылуу | Татаал сүйлөмдүн түзүлүш схемасын сүрөттө |
| **2.Этаптуу жардам берүү**<br>б) сүрөттөө | Зат атоочторду жөндөөнүн эрежесин эсте |
| **2. Этаптуу жардам берүү**<br>в) толук эмес сүйлөмдөр | Сын атоочтордун түрүн аныктоо үчүн... |
| **3. Үлгүнү берүү** | 1. Сан атоочтун кайсы түрлөрүн билесиңер?<br>2. Сан атоочтун түрлөрүн жазгыла.<br>3. Сан атоочтун түрлөрүнө сүйлөмдөрдү түзгүлө. |

# 4. ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО ЖАНА БИРИ-БИРИН БААЛОО

Баалоо ишмердигине коюлган негизги талаптардын бири болуп окуучуларда өз ишмердигине баалоо жүргүзүү, өз каталарын көрө билүү жана ар түрдүү иштерге коюлуучу талаптарды түшүнүү билгичтигин калыптандыруу эсептелет. Бул максатты ишке ашыруу үчүн өзүн-өзү баалоо/ бири-бирин баалоо усулдарын колдонуу зарыл.

## 4.1. Өзүн-өзү баалоо

**Өзүн-өзү баалоо** – бул баалоо ишмердигинин компоненттеринин бири, ал өзүнө баа коюу менен эмес, баалоо тартиби менен байланышкан. Бул усулда тапшырмаларды аткаруунун мүнөздөмөсү, анын оң жана терс жактарына көбүрөөк басым жасалат, ал эми упайларга анча маани берилбейт.

Мугалим окуучуларга өзүн-өзү баалоонун төмөнкү алгоритмин сунуштаса болот (окуучу жооп бере турган суроолор):

1. Тапшырмада эмнелерди аткарыш керек эле? Максаты эмнеде эле, жыйынтыгында кандай натыйжа алынышы керек эле?
2. Күтүлүүчү натыйжа жетишилдиби?
3. Тапшырманы туура аткардыңбы же каталар менен аткардыңбы? Эгерде туура эмес аткарсаң, кайсы каталарды кетириптирсиң, кандай кыйынчылыктарга дуушар болуп жатасың ? Бул суроого жооп бериш үчүн окуучу тапшырманы туура аткаруунун үлгүсүн алып, ал үлгү менен окуучу өз ишин салыштырат же мугалим менен класстын анын ишине болгон жообуна жараша каталарын оңдоп турат, мисалы, туура же туура эмес, анын жообун кабыл алышты же кабыл алышкан жок ж.б.
4. Сен тапшырманы толук бойдон өз алдынча аткардыңбы же бирөөлөрдүн жардамы менен аткардыңбы? Ким жардам берди? Эмнелерди аткарууда жардам берди?
5. Бул тапшырманы аткаруу кайсы билгичтиктерди өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берди?

***1-мисал.* 8-класс. Тема: Сөз айкашындагы сөздөрдүн ээрчишүүсү**

Мугалим окуучулар сөз айкашындагы сөздөрдүн ээрчишүүсү жөнүндө кандай билимдерге ээ экендигин өздөрү сынап билүүсү үчүн өз алдынча ишти сунуштайт.

Берилген жумушту аткаруудан мурда окуучулар мугалим менен биргеликте өз алдынча ишти баалоонун критерийлерин иштеп чыгышат. Критерийлер тактага жазылат.

1. *Сөз айкашындагы багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдү таба алуусу.*
2. *Ээрчишүү жолу менен сөз айкаштарын түзө билүүсү.*

| 1-вариант | 2-вариант |
|---|---|
| 1. Берилген сөз айкаштарында багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдү бөлүп көрсөткүлө.<br>*Кызыл алма, ачык күн, ак үй, кызыктуу китеп.*<br>2. Берилген сөздөрдү колдонуп, ээрчишүү жолу менен сөз айкаштарын түзгүлө<br>*Шаар, тоолор, көчө, айыл, аба ырайы* | 1. Берилген сөз айкаштарында багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдү бөлүп көрсөткүлө.<br>*Ачык күн, таттуу алча, ак кеме, көп күттүргөн каникул.*<br>2. Берилген сөздөрдү колдонуп, ээрчишүү жолу менен сөз айкаштарын түзгүлө<br>*Поезд, китеп, конок, талаа, асман* |

Өз алдынча иш аякталган соң, мугалим мурда даярдалган жоопторду көрсөтөт (1-тапшырма боюнча багындыруучу сөз менен багыныңкы сөздөр бөлүнүп көрсөтүлгөн сөз айкаштары, жана 2-тапшырма боюнча эрчишүү жолу менен түзүлгөн сөз айкаштарынын үлгүлөрү). Бул иш үчүн мугалим флипчартты, кодоскопту, экранды, интерактивдүү тактаны ж. б. колдонсо болот. Окуучу баалоо критерийлерине таянып, өзүнүн ишин текшерет жана баалайт.

**Мугалимге жардам**

Өзүн-өзү баалоодо төмөнкү ыкманы колдонсо болот:

Иш аяктагандан кийин окуучу мурда аныкталган критерийлер боюнча өзүнө баа коёт. Ошол эле ишти баалап, мугалим да өзүнүн баасын коёт. Баа бөлчөк түрүндө жазылат. Мисалы: 4/5, «4» бул окуучу койгон баа, ал эми «5» бул мугалим койгон баа. Натыйжа окуучу менен талкууланат.

Бул ыкманы докладды, машыктыруучу текшерүү иштерин, өз алдынча иштерди же жеке үй тапшырмаларды баалоодо колдонууга сунуштаса болот.

***2-мисал.* 6-класс . Тема: Текст**

Өз алдынча иштөө

Мугалим таблицада берилген критерийлерди окуучулар менен талкуулайт. Ал өз алдынча иш ушул критерийлердин негизинде баалана тургандыгын түшүндүрөт. Тапшырманы аткаруу үчүн убакыт белгиленет.

| **Критерийлер** | **Окуучунун баасы** | **Мугалимдин баасы** |
|---|---|---|
| | (туура – 1 упай, туура эмес – 0 упай) | |
| 1. Берилген сүйлөмдөрдөн ырааттуу текст түзүү | | |
| 2. Тексттин аталышы | | |
| 3. Тексттин планын түзүү | | |

Андан ары мугалим окуучуларга тапшырма берет (варианттар боюнча)

| **1-вариант** | **2-вариант** |
|---|---|
| 1. Берилген сүйлөмдөрдөн текст түзгүлө.<br>*Ал оозун чоң ачып, аянычтуу мыёолоду. Так анын алдында, дубалга жабышып, кичинекей мышыктын баласы отуруптур. Бир аз аралыкта эки бала эмне болорун карап, күтүп турушту. Ит алдыңкы буттарына таянып алып, катуу үрүп жатты.* | 1. Берилген сүйлөмдөрдөн текст түзгүлө.<br>*Тоолордо көп кооз жерлер жолугат. Капчыгайдын капталдары салаңдап, бир жагынан тоодон аккан суу шылдырайт. Алардын бири – Саймалуу-Таш, Көгарт тоо ашуусунда жайгашкан. Белгилүү Саймалуу-Ташты көрүш үчүн ушундай оор жолду басып өтүш керек.* |
| 2. Тексттин аталышын аныктагыла. | 2. Тексттин аталышын аныктагыла |
| 3. Тексттин планын түзгүлө. | 3. Тексттин планын түзгүлө |

Бул тапшырманы аткарууга берилген убакыт өткөндөн кийин мугалим окуучуларга критерийлерге таянып, иштерди өз алдынча текшерүүнү сунуштайт, окуучулар өз алдынча текшерип бүткөндөн кийин гана алардын иштерин текшерүү үчүн чогултуп алат.

**БУЛ МААНИЛҮҮ!**

**Мугалим төмөнкүлөрдү аткаруусу зарыл:**

- **Окуучуларга иштин максаттары жана баалоо критерийлери жөнүндө дайыма эскертип туруу.**
- **Тапшырманы аткарууга жана окуучулар өз ишин өзү баалоого убакытты пландаштыруу**
- **Сабактын максаттарын, баалоо критерийлерин дубалга, тактага жана башка жерлерге илип коюу керек, анткени окуучулар максатка карай багытты так көрүп турганы маанилүү.**

**Өзүн-өзү баалоо** – бул өзүнүн ишин баалоо гана эмес, ошондой эле көйгөйлөрдү жана аларды чечүүнүн жолдорун өз алдынча аныктоо. Төмөндө «Каталарды оңдоо боюнча менин иш-аракеттерим» деп аталган окуучулардын өз алдынча ишин баалоонун болжолдуу формасы берилген, анын жардамы менен окуучулар өздөштүрүлүп жаткан материал боюнча өз көйгөйлөрүн белгилеп, талдап жана аларды чечүүнүн жолдорун аныктай алышат.

**Каталарды оңдоо боюнча менин иш-аракеттерим**

| **№ п/п** | **Билгичтик** | **Тапшырма** | **Мен тапшырманы кантип аткардым** | **Тапшырманы кантип аткарыш керек эле** | **Мен кайсы каталарды кетирдим** | **Мугалимдин оңдоп-түзөө боюнча берген тапшырмасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Зат атоочтун жөндөмөсүн аныктоо | **«жол»** деген сөздү жөндөп берүү | А. жол<br>И. жолдун<br>Б. жолго<br>Т. жолдо<br>Ж. жолдо<br>Ч. жолдон | А. жол<br>И. жолдун<br>Б. жолго<br>Т. жолду<br>Ж. жолдо<br>Ч. жолдон | Мен сөздү табыш жөндөмөсүндө туура эмес жөндөдүм | Окуу китебинин 20-бетиндеги зат атоочторду жөндөө боюнча эрежени окуп чык, айыл, шаар, көчө деген сөздөрдү жөндө |
| 2. | | | | | | |

## 4.2. Окуучулардын бири-бирин баалоосу

Классташтар тарабынан ишти баалоо баалоонун толук кандуу ыкмасы болуп саналат. Мындан тышкары, бири-бирин баалоо окуучуларга өздөштүрүлүп жаткан материалды бири-биринин иштерин текшерүү аркылуу бышыктоого мүмкүнчүлүк берет.


Бири-бирин баалоонун артыкчылыгы – окуучулар башка иштердин ийгиликтүү жактарын жана кемчиликтерин белгилөөнү үйрөнүү аркылуу өз ийгилигине талдоо жүргүзө алышында.

Калыптандыруучу баалоонун **«Эки жылдыз, бир каалоо»** техникасын (бири-бирин баалоо жана кайтарым байланыш берүү) окуучулардын чыгармачыл иштерин, дил баяндарын, эсселерин баалоодо колдонсо болот.

Мугалим окуучуга классташынын ишин текшерүүнү сунуштайт. Окуучулар бири-биринин ишине комментарий бергенде, ишке баа беришпейт, жөн гана ийгиликтүү эки жерин көрсөтөт (**«эки жылдыз»)** жана толуктап иштөө керек болгон бир жерин белгилейт (**«каалоо»**).

Окуучулардын кайтарым байланышы оозеки же жазуу түрүндө берилиши мүмкүн. Текшерүүдөн кийин жумуш окуучуга жакшыртуу үчүн кайтарылып берилет. Мугалим бул ишти аткаруунун мөөнөтүн белгилейт (мисалы, 2-3күн). Окуучу ишин кайра карап чыккандан кийин мугалим окуучунун ишин текшерип, баа коёт.

Төмөндө 6-класстагы кыргыз тили сабагында «эки жылдыз, бир каалоо» техникасын колдонуу менен бири-биринин эсселерин баалоонун үлгүсү.


Жетинин айынын ону
Эмгек
„Эмгек" деген сөздү укканда мен ийгилик дегенди элестетем. Анткени иштебеген адам эч качан өзүнүн максатына жетпейт. Биздин ата-энелерибиз да бизди эмгектенип багып жатышат да.
Эмгек менен тала гүлдөйт шарлар курулат. Адамдардын жашоосу жакшы болот. Биз баардыгыбыз жакшы окушубуз, аракет кылышыбыз керек.

Мен эссенин мазмуну менен таанышып чыгып, өзүмө жаккан эки жерге жылдызча белгисин бердим.
Ал эми каалоом: эгер эмгек жөнүндө макал же ыр кошуп, анын маанисин чечмелесең, сенин эссеңдин мазмуну мындан да жакшы болот. Мисалы: „Эмгек эрезге жеткирет", „Эмгектин наны" таттуу" ж.б.

**Көңүл бургула!**

!

- **Бири-бирин баалоо ыкмасын колдонууда окуучулардын арасында чатактарды алдын алуу үчүн мугалим бул ишке өтө ыкласын коюп өткөрүшү керек. Ал окуучуларга окуучу же окуучулардын тобу эмес, аткарылган иш текшерилиши керектигин эскертип туруусу зарыл.**
- **Бири-бирин баалоо усулдарын көп колдоно берүү сунушталбайт.**

**КОРУТУНДУ:**

1. **Мугалим өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо техникаларын колдонууну пландаштырышы керек.**
2. **Өзүн-өзү баалоо жана бири-бирин баалоо техникаларынын жол-жобосу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- Мугалим ар бир конкреттүү учур үчүн баалоонун так критерийлерин иштеп чыгат;
- окуучуларга өз натыйжаларын талдоого психологиялык жактан керектүү багыт берилет;
- окуучуларга баалоо критерийлери маалым болуп, алар өз натыйжаларын баалоо критерийлери менен өз алдынча салыштырып, иштин натыйжалуулугу тууралуу корутундуларды чыгаруу үчүн шарттар түзүлөт ;
- окуучулар жетишилген натыйжаларды эске алуу менен өздөрүнүн окуп-үйрөнүүсүн жакшыртуу үчүн кийинки кадамдарды аныктайт.

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

?

**Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Берилген суроолорго жооп бериңиз. Өз жообуңуздун вариантын кесиптештериңиздер менен талкуулаңыз.**

1. **Өзүн-өзү баалоо бул:**

а) өзүнө баа коюу менен байланышкан ишмердиктин бир бөлүгү
б) баалоо процедурасы менен байланышкан ишмердиктин бир бөлүгү
в) тапшырмаларды аткаруунун мүнөздөмөсү, анын оң жактары жана кемчиликтери менен байланышкан, бирок баа коюу менен байланышпаган ишмердиктин бир бөлүгү.

2. **Төмөндө келтирилген ырастоолордун кайсынысы туура?**

а) бири-бирин баалоону мүмкүн болушунча тез-тез өткөрүп туруу зарыл;
б) мугалим окуучуларга ишти баалоонун максаты жана критерийлери жөнүндө дайыма эскертип туруусу зарыл;
в) өз алдынча ишти баалоонун критерийлерин окуучулар өз алдынча иштеп чыгышат

3. **Бири-бирин баалоонун үч артыкчылыгын атап бериңиз**

________________________________________
________________________________________
________________________________________
________________________________________

# 5. БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

Баалоонун бардык түрлөрү, өзгөчө калыптандыруучу баалоо, окуучулардын иштерин баалоону жүргүзүү үчүн кылдаттык менен иштелип чыккан критерийлерди колдонууну көздөйт.

Критерийлердин негизинде баалоо- баалоо процессин мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге, б.а. процесстин бардык катышуучуларына, ачык-айкын жана түшүнүктүү болушуна мүмкүнчүлүк берет.

Так критерийлерди колдонуу ар бир окуучунун кыймыл-аракетин өзүнчө, бөлөк окуучунун иши же жообу менен салыштырбастан, объективдүү баалоого шарт түзөт. Мындай баалоо окуучуларды ар түрдүү даражаларга бөлүштүрүүнү көздөбөстөн, окуп-үйрөнүүнүн натыйжаларына карата ар бир окуучу эмнелерди өздөштүргөнүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Демек, ар бир окуучу окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин, тагыраак айтканда, күтүлүүчү натыйжалардын ичинен эмнелерге жетишкенин көрсөтө алат.

> «**Критерий** – *белги, анын негизинде баалоо жүргүзүлөт, бир нерсени аныктоо же классификациялоо. Баалоонун чен- өлчөмү»*
>
> *И. Низовская,. Словарь Программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо». – Бишкек, 2003*

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо критерийлерин иштеп чыгууда окуу максаттары негиз катары каралат.. Критерийлерди мугалим өзү же окуучулар менен биргеликте иштеп чыкса болот.. Критерийлерди биргелешип иштеп чыгуу (мугалим- окуучу)- окуучуларда баалоого карата позитивдүү мамиленин түзүлүшүнө жана натыйжага жетүүдө өз жоопкерчиликтеринин жогорулашына шарт түзөт. Баалоо критерийлерин иштеп чыгууда дайыма сабактын максаттарын жана мазмунун эстен чыгарбоо абдан маанилүү.

**БУЛ МААНИЛҮҮ!**

**Окуучулардын аралык иштерин баалоо үчүн даярдалган критерийлер (калыптандыруучу баалоо) максатта камтылган нерселерди гана сүрөттөп, ошолорду гана баалашы керек.**

**Кыргыз тили боюнча баалоо критерийлерине мисалдар:**

- *аныктаманын тууралыгы (теориялык материалды текшерүү учурунда);*
- *кептин түрлөрүн жана типтерин салыштыра билүү;*
- *материалды баяндоонун аргументтүүлүгү;*
- *тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштуулугу;*
- *кептин стилдерин айырмалай билүү;*
- *тексттин планын түзө билүү;*
- *сүйлөмдүн түрлөрүн аныктай билүү;*
- *тыныш белгилерин туура коюу;*
- *байланыштын түрлөрүн аныктай билүү.*

Критерийлердин мазмуну окуучуларга да, ата-энелерге да түшүнүктүү болушу керек, башкача айтканда, алар жөнөкөй, жеткиликтүү тил менен берилиши зарыл. Натыйжалуу иштелип чыккан конкреттүү баалоонун критерийлери жана алардын градациялары окуучуларга эмнелер жана кантип

баалана тургандыгын так билүүгө мүмкүнчүлүк берет да, тапшырманы аткаруу учурунда алар үчүн жакшы колдонмо катары кызмат кылат.

Окуучуларды баалоо критерийлери менен тапшырманы аткаруунун алдында тааныштыруу зарыл жана тапшырманы аткаруу процессинде критерийлер окуучуларга дайыма көрүнөө жерде болгонун да камсыздоо маанилүү (аларды дубалдарга, тактага илип, же алар окуучулардын дептерлерине жазылышы керек).

**Критерийлердин негизинде баалоо билгичтиги адамга өмүр бою кызмат кылат**.

***Мисал.* 5-класс. Тема: Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү**

**Сабактын максаты (фрагмент):** Окучулар бир өңчөй мүчөлөр эмне экенин билишет. Алар төмөнкүлөрдү аткара алышат:

- бир өңчөй мүчөлөрдү аныктай алышат;
- бир өңчөй мүчөлөр менен сүйлөмдөрдү түзө алышат.

Мугалим сабактын жаңы темасын жана максаттарын айтат. Сабактын бышыктоо баскычында окуучулар бир өңчөй мүчөлөр менен сүйлөмдөрдү түзүшөт. Андан кийин мугалим сүйлөмдөрдү бир өңчөй мүчөлөр менен толуктоону талап кылган өз алдынча ишти уюштурат. Ишти аткаруунун алдында мугалим окуучуларды тактага илинип турган өз алдынча ишти баалоонун критерийлерине көңүл буруусу суранат:

- ***Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн туура колдонуу;***
- ***Бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байланышын аныктоо;***
- ***Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн синтаксистик кызматын билүү.***

Окуучулар өз алдынча ишти аткарып бүтүшкөндөн кийин, мугалим аткарылган ишти текшерүүнүн ар кандай техникаларын колдонот. Мисалы, мугалим бир нече ишти тандап алып, окуучулар менен биргеликте аларды талкууласа болот. Окуучуларын иштерин текшерүүдө мугалим баалоо критерийлерине таянат, адегенде ал сөзсүз жетишкендиктерди (ийгиликтерди) белгилей кетиши зарыл, андан кийин көйгөйлөр болгон учурда, аларды белгилейт жана каталарды оңдоо үчүн орундуу сунуштарды берет.

**Критерийлерге мисалдар:**

***5-класс.* Тема: Сүрөттөө тексти**

**Максат:**

- **Окуучулар тексттеги кептин сүрөттөө тибин аныктай алышат;**
- **Жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөп жаза алышат;**
- **Көркөм жана иштиктүү сүрөттөлгөн текст түзгөнгө үйрөнүшөт.**

**Критерийлер:**

- ***Кептин тибин аныктоонун тууралыгы.***
- ***Мисалдарды келтире алуу.***
- ***Сүрөттөө –текстин түзө алуу.***

**6-класс. Тема: Оозеки жана жазуу кеби**

**Максат:**

- Кеп деген түшүнүккө аныктама бере алышат.

- Оозеки жана жазуу кебинин окшоштук,айырмачылыгын салыштырышат.
- Аларды мисалдардын негизинде талдашат.

**Критерийлер:**

- ***Кептин түрлөрүн аныктай алуу.***
- ***Оозеки жана жазуу кепти салыштыра алуу.***
- ***Келтирилген мисалдардын тууралыгы.***

**7- класс. Тема: Тактооч**

**Максат:**

- **Тактоочко аныктама бере алышат.**
- **Тактоочтун кыймыл-ракеттин түрдүү кырдаалын билдирерин аныкташат.**
- **Сүйлөмдүн синтаксистик кызматын талдашат.**

**Критерийлер:**

- ***Сүйлөмдөн тактоочторду таба алуу.***
- ***Сүйлөмдө тактоочтордун түрлөрүн аныктай алуу.***
- ***Сүйлөм түзүүдө тактоочторду колдоно алуу.***

**8-класс. Тема: Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү**

**Максаты:**

- Сүйлөмгө аныктама берип, анын түрлөрүн аныктай алышат:
- Сүйлөм менен сөз айкаштарынын синтаксистик кызматын салыштырышат.
- Тексттеги жөнөкөй сүйлөмдөргө талдоо жүргүзүшөт.

**Критерийлер:**

- ***Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн аныктай алуу.***
- ***Жөнөкөй сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзө алуу.***
- ***Текст түзүүдө жөнөкөй сүйлөмдөрдү колдоно алуу.***

**9-класс. Тема: Чакчыл түрмөк**

**Максат:**

- **Чакчыл түрмөктөрдү уюштурган мүчөлөрдү аныкташат.**
- **Чакчыл түрмөккө берилген суроолорду үйрөнүшөт.**
- **Орун тартибине ылайык тыныш белгилеринин коюлуш эрежелерин билишет.**

**Критерийлер:**

- ***Сүйлөмдө чакчыл түрмөктөрдү таба алуу.***
- ***Чакчыл түрмөктүн синтаксистик функциясын түшүндүрө алуу.***
- ***Чакчыл түрмөктөрдө тыныш белгилерин коё алуу.***

**КОРУТУНДУ**

1. **Конкреттүү ишти баалоону пландаштырууда ар бир критерий боюнча күтүлүүчү натыйжаларды алдын ала болжоо зарыл.**

2. **Окуучуларды баалоо критерийлери менен теманы өтүүнүн алдында тааныштыруу керек, ал эми кээ бир темаларды өтүүдө критерийлердин мазмунун окуучулар менен биргеликте иштеп чыгуу пайдалуу.**
3. **Критерийлердин мазмуну окуучуларга да, ата-энелерге да түшүнүктүү болушу керек, демек, татаал илимий-педагогикалык терминдерди камтыбаган жеткиликтүү тилде берилиши зарыл.**
4. **Критерийлердин мазмуну жөнүндөгү негизги маалымат дубалдарда, окуу кабинеттеринде, окуучулардын күндөлүктөрүндө, дептерлеринде жазылышы керек.**

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

?

**Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Суроолорго жооп бериңиз. Өзүңүздүн жообуңуздун вариантын кесиптештериңиз менен талкуулаңыз.**

1. **Мугалим окуучуларды баалоо критерийлери менен качан тааныштырышы керек?**

   а) сабактын башында
   б) текшерүү ишти аткаруунун алдында
   в) окуучулардын иштерин текшерүүдөн кийин
   г) окуучуларга баалоо критерийлерин айтуунун кажети жок

2. **Калыптандыруучу баалоону жүргүзүүдө канча критерийди колдонуу сунушталат?**

   а) бир дагы критерийди колдонбош керек
   б) бир-үч критерийди
   в) бештен кем эмес критерийди
   г) беш-он критерийди

3. **«Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү» деген темага үч баалоо критерийин жазгыла:**

   1.____________________________________________________________
   2.____________________________________________________________
   3.____________________________________________________________

# 6. КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАКТАРЫНДА ОКУУ ИШМЕРДИГИН МОТИВАЦИЯЛОО

«Мажбурлоо жана милдеттүүлүк сезими окуучуга кароодон жана издөөдөн кубаныч табууга көмөк болот деген ой чоң жаңылыштык».

*А. Эйнштейн*

***Мотивация** – бул адамдын жүрүм-турумун аныктаган факторлордун системасы, анын жүрүм-турумун түшүндүрүүчү керектөөлөр менен муктаждыктарынын жыйындысы, анын негизи, багытталышы жана активдүүлүгү.*

*Развитие творческих способностей и формирование понятийного мышления: Пособие по интерактивному методу обучения для учителей начальных классов / Под ред. Берд Стас, Кимберли Эке и др. – Проект ПИКС, 2008*

Баалоонун максаттарынын бири **окуучулардын максаттуу окууга мотивациясын калыптандыруу** жана колдоо болуп эсептелинет. Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүлөр сунушталат:

- окуучулардын көңүлүн бааларга эмес, жаңы билгичтиктер менен билимдерге бургула, баа менен коркутпагыла;
- текшерүү иштери коркунуч жаратууга эмес, таанып билүүгө өбөлгө болушу керек;
- кайтарым байланыш өз убагында берилиши керек;
- ийгиликти кубаттагыла (сөз, ишарат менен), жөн гана мактоонун ордуна конструктивдүү комментарий берүү керек;
- биринчи кезекте оң жактарын белгилеңиз, андан кийин көйгөйлүү учурларды талкуулаңыз. Терс кайтарым байланыш эң кылдат болуп, окуучуга эмес, анын ишинин кемчиликтерине багытталууга тийиш;
- эч качан бүт класстын алдында окуучулардын иштеринин кемчиликтерин талкуулап, кемсинтүүчү комментарийлерди берүү менен аларды таарынтпаңыз. Текшерүү ишин аткарууда пайда болгон жалпы көйгөйлөрдү талкуулап, окуучулар менен биргеликте көйгөйлөрдү жеңүү үчүн стратегияларды издегиле;
- окуучуларга ойлонуу үчүн убакыт бергиңиз, шашпаңыз;
- окуучуларга бири-биринин иштерин баалоого (баа коюусуз) жана ал иштердин оң жактарына да, ошондой эле жакшыртууну талап кылган жактарына да комментарий берүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.

Окуучуларга окуп-үйрөнүү ишмердиги жөн гана милдет болбостон, дүйнөнү таанып билүү кубанычына айланышы үчүн, окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердигин кантип уюштуруу керек?

Окуучулардын мотивациясын жогорулатуучу бир катар факторлор бар. Алардын кээ бирлерин атайлы:

- сабакты пландаштырууда окуучулардын күчтүү жактарына жана кызыгууларына таянгыла;
- өздөштүрүлө турган материалды бара-бара татаалдаткыла;
- мүмкүн болушунча окутуунун ар түрдүү усулдары менен техникаларын колдонгула;
- окуучулардын окуп-үйрөнүү ишмердигин активдештирген оюн методдорун колдонгула.

Албетте, кыргыз тилин үйрөнүү чексиз оюндарды ойноо жана кызыктуу гана тапшырмаларды аткаруу менен өтпөйт. Бирок, башка жагынан алганда, супсак баяндоо жана тапшырмалардын тажатма

бир түрдүүлүгү, кызыксыз мазмуну жана сабактардын ашыкча талаптуулугу предметке болгон кызыгууну жоготушу мүмкүн. Өзгөчө, 5-8-класстарда сабактарга дидактикалык оюндар, чыгармачыл тапшырмалар түрүндөгү кызыктуу элементтерди киргизүү абдан маанилүү. Практика көрсөткөндөй, сабактарга кызыктыруучу иштерди киргизүү окуучуларда предметке болгон кызыгууну бир кыйла жогорулатат, чарчоону басаңдатат, окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өстүрөт, алардын өз ара мамилелерин жана сабактагы психологиялык жагдайды жакшыртат.

Төмөндө кыргыз тили сабактарында окуучулардын мотивациясынын жогорулаганын көрсөткөн мисалдар келтирилген.

***Өздөштүрүлүп жаткан материалды бара-бара татаалдатуу.***

***1-мисал.*** **7-класс. Тема: Бышыктоочтун түрлөрү.**

Бул теманы өтүүдө мугалим төмөнкү тапшырмаларды сунуштайт:

**1-тапшырма.** Чекиттердин ордуна сүйлөмдүн мазмунуна ылайык бышыктоочторду койгула.

*Космонавттар ... (кайда?) болушту.*
*Биздин туугандар ... (качан?) келишет.*
*Динара экзаменди ... (кантип?) тапшырды.*
*Окуучу ... (эмне үчүн?) сабакка келген жок.*

Колдонуу үчүн сөздөр: *космос, эртең, жакшы, ооругандыктан.*

**2-тапшырма.** Берилген сөздөрдөн сөз айкаштарын түзгүлө. Бул сөз айкашындагы байланыш жолдорунун түрлөрүн аныктагыла.

*(кайда?) ... келүү*
*(качан?) ...тозуп алуу*
*(кантип?) ... сүйлөө*
*(эмне үчүн?) ... кечигүү*

**3-тапшырма.** Сүйлөмдөргө синтаксистик талдоо жүргүзгүлө, бышыктоочтун түрлөрүн аныктагыла.

*Биз үйгө кечинде кайттык. Үйлөрдүн терезелеринде жарык алыстан жаркырап турду. Чыңгыз Айтматовдун китептери музейде сакталат. Илим жана техниканын өнүгүшү менен башка планеталарга учуп баруу мүмкүн болуп калды.*

***Дидактикалык оюндарды колдонуу***

***2-мисал.*** **6-класс. Тема: Сын атооч.**

Теманы бышыктоо үчүн мугалим окуучуларга «чынжырча» оюнун сунуштайт. Биринчи команда же биринчи катар даамды билдирген сын атоочторду атап бериши керек. Ал эми экинчи команда адамдын мүнөзүн билдирген сын атоочторду атайт. Окуучулар кезек менен сөздөрдү айтышат. Тийиштүү сын атоочту айта албай калган окуучу оюндан чыгат. Оюнчулардын көпчүлүгү калган команда жеңет.

***3-мисал.*** **8-класс. Тема: Адамды сүрөттөө.**

Мугалим ар бир окуучуга карточкага өзүнүн атын жазып, кутучага салып койгула деген тапшырма берет. Андан кийин окуучуларга төмөнкү суроолор менен анкеталарды таратат:

– сенин классташыңдын аты, жөнү;
– жашы;
– туулган күнү;
– дареги;
– анын сырткы келбетинин сүрөттөлүшү;
– анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттары;
– ал эмне кылганды жакшы көрөт;
– сага анын кайсы сапаттары жагат.

Мындан кийин окуучулар кутучадан классташынын аты жазылган бир карточканы алып чыгышат да, анын жанына барып, анкетанын суроолору боюнча маек курушат. Маектешүүдөн кийин бир барак кагазга классташынын өмүр баянын жазышат. Андан кийин окуучулар бири-бирине иштерин белек кылышат. Бул ыкма окуучуларга бири-бири жөнүндө көбүрөөк билүүгө, тексттин функционалдуу бир тибин аныктоо боюнча билимдерин бышыктап, байланыштуу кеп көндүмүн калыптандырат.

«Мен киммин?» деп аталган дидактикалык оюн да абдан пайдалуу. Окуучуларга бири-биринин портретин сүрөттөө сунушталат. Андан кийин ар бир портреттик мүнөздөмө окулат, бирок ким сүрөттөлүп жатканы айтылбайт, класс ким жөнүндө сөз болуп жатканын табышы керек. Бул оюн абдан кызыктуу өтөт. Балдар аларды классташтары кандай элестете тургандыгы жөнүндө билгилери келет. Ар бир окуучу классташынын портретин оригиналга окшош кылып, бардыгы таба ала тургандай сүрөттөөгө умтулат.

## КОРУТУНДУ

П. Блэк жана Д. Уильям «Черный ящик: что там внутри? Оценка знаний учащихся как способ повышения эффективности учебно-воспитательного процесса» деген эмгегинде: **«Баалоонун мотивацияга** жана окуучулардын өздөрүн сыйлоосуна терең таасир этерин жана ал өз кезегинде окууга зор таасир этерин моюнга алуу»[1] калыптандыруучу баалоонун маанилүү бир компоненти экенин белгилешет.

Бул үчүн калыптандыруучу баалоону колдонуу процессинде мугалим төмөнкү баалоо принциптерин сактоосу зарыл, тагыраак айтканда:

1. **Окуучулардын окуп-үйрөнүүсүнүн жана ишмердигинин эң маанилүү натыйжаларын баалоого басым жасоо;**
2. **Баалоонун конкреттүү критерийлерин кылдаттык менен иштеп чыгуу. Окуучуларга баалоонун критерийлери менен усулдарын эртерээк, ишти аткаруунун алдында билдирүү. Окуучулар баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катыша алышат.**
3. **Баалоону окуп-үйрөнүү процессинин пландаштырылган жана даярдалган структуралык бөлүгү катары ишке ашыруу.**
4. **Билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн баалоо процессинин өзүн да, формаларынын да, усулдарын да, максаттарынын да жеткиликтүү жана ачык берүүгө умтулуу.**
5. **Баалоону жүргүзүү тартибин ырааттуу жана системалуу түрдө ишке ашыруу.**
6. **Ийгиликтерди көбөйтүүгө өбөлгө болуучу мугалим менен окуучунун ортосунда өнөктөштүк мамилелеринин өнүгүшүнө шарт түзүү. Баалоо окуучулардын өсүшүнө көмөктөшүүгө багытталышы керек.**

[1] http://blog.discoveryeducation.com/assessment/files/2009/02/blackbox_artick.pdf

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

**? Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Суроолорго жооп бериңиз. Өзүңүздүн жообуңуздун вариантын кесиптештериңиз менен талкуулаңыз.**

**1. Окуучулардын максаттуу окууга мотивациясын калыптандыруу жана колдоо үчүн ... зарыл:**

а) окуучулардын көңүлүн бааларга эмес, жаңы билимдерге, билгичтиктерге буруу
б) баа менен коркутуу
в) текшерүү иштерин коркунучту туудурбай, таанып-билүүгө өбөлгө болгудай уюштуруу керек.

**2. Окуучулардын мотивациясын жогорулата турган үч факторду атап бергиле:**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________

**3. Төмөндө келтирилген кайсы ырастоо туура эмес?**

а) таанып-билүүгө кызыгуу эркти жана көңүл бурууга өбөлгө түзөт жана маалыматты оңой жана узакка эстеп калууга жардам берет;
б) сабакта кызыктыруучу элементтерди колдонуу окуучулардын предметке болгон кызыгуусун бир кыйла жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет
в) бир эле ыкманы дайыма колдонуу керек.

# 7. КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛООНУН АЙРЫМ ТЕХНИКАЛАРЫ

Калыптандыруучу баалоону колдонууда кыргыз тили мугалимине калыптандыруучу баалоонун ар түрдүү техникаларын билүү жана аларды натыйжалуу колдонуу зарыл. Берилген техникаларды ырааттуу жана максаттуу колдонуу мугалимге окуп-үйрөнүүдө сапаттуу натыйжаларга ээ болууга мүмкүнчүлүк берет

## 7.1. Кыргыз тили сабагында калыптандыруучу баалоонун айрым техникаларын колдонуунун сүрөттөлүшү

Калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонуу мугалимге окуп-үйрөнүү процессин баалоого, ал эми окуучуларга болсо, кыйынчылыктарды аныктоого жана аларды жеңүүгө мүмкүнчүлүк берет. Төмөндө кыргыз тили сабактарында эң натыйжалуу колдонула турган калыптандыруучу баалоонун техникалары сунушталат.

| **Техника** | **Техниканы колдонуунун жол-жобосу** |
|---|---|
| **Түшүнүүнүн жаңылыштыгын текшерүү** | Мугалим кыргыз тилиндеги эрежелер тууралуу көп кездешүүчү жаңылыш түшүнүктөрдү же мүмкүн боло турган жаңылыштыктарды окуучуларга атайын айтат. Анан буга макул же макул эместиктерин, о.э. анын себептерин сурайт.<br>Бул техниканын бир нече варианты бар. Мугалим аларды зарыл болгон учурларда колдонсо болот.<br>**1-вариант. 9-класс. Тема: Тыныш белгилерин коюу.**<br>Мугалим окуучуларды кичи топторго бөлөт жана ар бир топко карточкаларды таратып берет. Окуучулар кичи топтордо тыныш белгилерди туура коюп, алардын коюлушун түшүндүрүп бериши керек.<br>*Жалкоолук бузат, эмгек багат. Акыры каникул башталды. Биздин милдет таланттарды колдоо жана өстүрүү. Силер олимпиадалык оюндардын тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиңер?*<br>Тапшырманы аткаргандан кийин ар бир топ өз сүйлөмдөрүн окуп, тигил же бул тыныш белгилердин коюлушун түшүндүрүп берет. Иштин жүрүшүндө туура жооп табылат, бул болсо окуучуларга тыныш белгилерин коюу боюнча болгон билимдерин бышыктоого жардам берет. |
| **Кичи-тест** | Кичи-тесттер (аз сандагы тапшырмалар) окуучулардын чыныгы билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн, башкача айтканда, конкреттүү маалыматты, белгилүү материалды билгендигин баалоого арналат. Кичи-тестти аткарууга сабакта 5 мүнөт убакыт бөлүнөт. Окуучулар кичи-тестти дептерлерине жазышат, ал эми мугалимге сунушталган тапшырмалардын жооптору жазылган баракты тапшырышат. |

| | |
|---|---|
| | **Мисал.**<br>**6-класс. Тема**: **Сын атооч**<br>*1. Сын атооч сөз түркүмү, ал... билдирет:*<br>*а) предметти*<br>*б) предметтин кыймылын*<br>*в) предметтин белгисин*<br>*г) саноодогу иретти, санды*<br>*2. Сын атооч ... деген суроого жооп берет:*<br>*а) кайда?*<br>*б) кандай?*<br>*в) эмне?*<br>*г) канча?*<br>*3. Сын атоочтор сүйлөмдө ... боло алышат:*<br>*а) ээ*<br>*б) баяндооч*<br>*в) аныктооч*<br>*г) бардык сүйлөм мүчөлөрү*<br>*4. Сын атооч канча даражага ээ:*<br>*а) 4*<br>*б) 3*<br>*в) 5*<br>*г) 2*<br>Мугалим барактарды чогултуп, жоопторду текшерет. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучуларда эң чоң кыйынчылыктарды туудурган суроолорду талкуугa салат. (Бүт класс үчүн татаал болгон бир суроо, пайда болсо мугалим тийиштүү теманы кайрадан түшүндүрүшү керек.) Мугалим ийгиликтерди каттоочу дептерине (сабактын пландарында) айрым окуучулардын жыйынтыктары тууралуу маалыматты жазып алат. Мисалы: *Асан – сын атоочтун даражаларын аныктоодо кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат ж.б.*<br>**Мугалимге жардам:** Тесттик тапшырмалар **ачык же жабык** формада болушу мүмкүн.<br>***1.*** Жабык тесттик тапшырмаларда шарт (тастыктоо же суроо) жана жооптордун варианттары берилген, алардын бири туура жооп, ал эми калгандары болсо туура эмес, бирок туура жоопко жакындатылган. Мындай тесттердин жабык деп аталышынын себеби, окуучу жоопту өзү түзбөстөн, сунушталган жооптордон бирди тандап алышы керек.<br>**Мисалы:**<br>*Сөздүн негизги бөлүктөрүнө ...кирет:*<br>*а) префикс*<br>*б) уңгу*<br>*в) мүчө*<br>*г) суффикс* |

| | |
|---|---|
| | ***2. Ачык формадагы тесттик тапшырмада*** окуучу тапшырманы аткарып жатып, жоопту өзү аягына чейин жазат.<br><br>**Мисалы:**<br><br>*1. Сан атооч – ............билдирүүчү сөз түркүмү.*<br>*2. Сан атоочтор ___________ бөлүнүшөт.* |
| **Элективдүү (тандама) тест** | Мугалим ар бир окуучуга «А, Б, В, Г» тамгалары жазылган карточкаларды таратып берип, бир убакытта жооп берүүнү, б.а. туура жооптун тамгасы жазылган карточканы көтөрүүнү суранат. Жооп тандоого чегерилген 20 секунда өткөндөн кийин мугалим туура жооптун варианты жазылган карточканы көтөрүүнү суранат.<br><br>Тапшырма окуучуларга жазуу түрүндө (тактага жазылып же карточка түрүндө, өзүнчө барактарда ж.б.) же оозеки (эгерде тапшырма жана жооптордун варианттары салыштырмалуу кыска болсо) берилиши мүмкүн.<br><br>**Мисалы:** Белгиленген сөздөр сүйлөмдүн кайсы мүчөлөрү экенин аныктагыла.<br><br>*Манастын улуулугу анын* ***асылзаттыгында жана айкөлдүгүндө***.<br><br>*а) аныктооч*<br>*б) толуктооч*<br>*в) ээ*<br>*г) баяндооч*<br>*д) бышыктооч*<br><br>Андан кийин мугалим тамгалары бар карточкаларды – туура жоопторду көтөрүүнү суранат. Окуучулар бир убакта карточкаларды көтөрүшөт. Мугалим окуучулар менен жоопторду ар түрдүү варианттарын талкуулайт жана алардан өз тандоосун түшүндүрүүнү суранат. Керек болгон учурда окуучулардын бирин доскага чакырат. Мугалим бул тапшырманы аткарууда кетирилген каталарга көңүл бурат.<br><br>Тандалган жоопторду негизинде мугалим окуучулар өткөн теманы канчалык деңгээлде өздөштүрүшкөнүн аныктап, ал теманы түшүндүрүүнү улантуу же андан кийинкисине өтүү керектиги тууралуу чечим кабыл алат. |
| **Калыптандыруучу тест** | Мугалим окуучуларды кичи топторго (4-5 кишиден) бөлөт. Ар бир окуучу тесттин суроолору жазылган барак менен жоопторду жазуу үчүн барак алат. Окуучуларга тесттин суроолорун чакан топтордо талкуулоо үчүн убакыт берилет. Талкуудан кийин **окуучулар жооп барактарын өз алдынча толтурушат**. Ар бир окуучунун упайлары өзүнчө эсептелет.<br><br>Окуучуларга топтогу башка шериктеринин оюна каршы туруп, өздөрү туура деп эсептеген жоопту белгилөөгө укугу бар экендигин айтып коюу зарыл. Суроо-жоопторду топто талкуулаганда бир пикирге келүү (консенсус) талап кылынбайт.<br><br>**Мисалы. 5-класс. Тема: «Сөз айкаштарынын түзүлүшү»**<br><br>Мугалим окуучуларды кичи топторго (4-5 кишиден) бөлөт. Топторго тапшырмалар берилет. |

| | |
|---|---|
| | **Мисалы:** төмөнкү схема боюнча сөз айкашын түзсө болобу?<br>▪ этиш + зат атооч,<br>▪ зат атооч + зат атооч,<br>▪ сын атооч + зат атооч.<br>Окуучулар тапшырманы аткаруунун алдында аны талкуулашат, бирок тапшырманы ар бир окуучу өз алдынча аткарат.<br>Текшерүү:<br>**1-вариант.** Мугалим кодоскопту иштетип, тапшырмалардын жоопторун көрсөтөт (тактага жазып койсо да болот). Окуучулар барактары менен алмашышып, бири-биринин иштерин текшеришет (бири-бирин баалоо). Ар бир туура жооп үчүн «+» белгиси, ар бир туура эмес жооп үчүн «-» белгиси коюлат.<br>**2-вариант.** Мугалим окуучуларга иштерин өз алдынча текшерүүнү сунуштайт (өзүн-өзү баалоо). Ар бир туура жооп үчүн «+» белгиси коюлат, ар бир туура эмес жооп үчүн «-» белгиси коюлат. Окуучулар өзүн-өзү баалоо журналдарына (дептердин аягында) өздөрүнүн «+» жана «–» белгилерин коюшат.<br>**3-вариант.** Мугалим иштерди өзү текшерет. |
| **Калыптандыруучу сурамжылоо** | Бул текшерүүнүн формасы материалды презентациялоодон же сабактагы кандайдыр бир ишмердиктен кийин дароо жүргүзүлөт. Мугалим «*Эмне үчүн? Кантип? Кандайча?...» деген* кошумча тактоочу суроолорду берет.<br>**Мисал. 6-класс. Тема: Фразеологизмдер**<br>Жаңы тема боюнча көнүгүүнү аткарып бүткөндөн кийин, мугалим төмөнкү суроолорду берет:<br>*1. Эмне үчүн берилген сөздөрдү фразеологизмдер деп эсептейсиң?*<br>*2. Аны кантип аныктадың?* |
| **Светофор** | Ар бир окуучуда светофордун үч түсүндөгү карточкалар болот. Мугалим окуучулардан материалды түшүнгөн (билгенин) же түшүнбөгөнүн (билбегенин) ушул карточкалар менен көрсөтүүнү суранат (жашыл түстөгү карточка – «баарын түшүндүм» сары түстөгү карточка – «теманы туура түшүндүм деп анык айта албайм» жана кызыл түстөгү карточка – «тек түшүнгөнүм жок» дегенди билдирет).<br>Сабактын аягында мугалим окуучулардан өтүлгөн тема боюнча суроолорго жооп берүүсүн өтүнөт. Жашыл карточкаларды көтөргөн (баарын түшүндүм деп эсептеген) окуучулардан: «Силер эмени түшүндүңөр?» – деп сурайт<br>Ал эми сары же кызыл карточкаларын көтөргөн окуучуларга: «Силер эмнеден күнөм санап жатасыңар?» же «Силер эмнени түшүнбөй калдыңар?» деген суроону узатат.<br>Берилген жооптордун негизинде мугалим теманы кайталоо же жаңы темага өтүү тууралуу чечим кабыл алат.<br>**Мисал. 6-класс. Тема: «Неологизмдер»**<br>*1. Кайсы сөздөр неологизмдер деп аталат?*<br>*2. Неологизмдерди кантип аныктаса болот?* |

| | |
|---|---|
| **Бир фраза, сөз менен жалпылоо** | **Мисал. 6-класс Тема: Кесипти билдирген сөздөр**<br>Мугалим окуучуларга сүйлөмдөгү кесипти билдирген сөздөрдүн астын сызгыла деген тапшырма берет.<br>*1. Дарыгер диагноз койду жана рецепт жазып берди.*<br>*2. Оператор интернетке модем аркылуу кошулду.*<br>*3. Космонавттар скафандрларды кийишти.*<br>Тапшырма аткарылгандан кийин мугалим окуучуларды бир сөз же фраза менен бөлүнгөн сөздөрдүн аталышын айтып берүүнү суранат.<br>**Жооп: «Кесипти билдирген сөздөр»** |
| **Карточканын индекси (жалпылоо же суроолор үчүн)** | Мугалим бөлүмдү же теманы өтүп бүткөндөн кийин, окуучуларга эки бетинде тең тапшырмалар жазылган карточкаларды таратат.<br>**1-бетинде:** Өтүлгөн материалдар (бөлүм, тема) боюнча түшүнгөн негизги идеяларды санап өтүп, анан жалпылаштыргыла.<br>**2-бетинде:** Өтүлгөн материал боюнча (бөлүм, тема) түшүнбөй калган нерселерди аныктап, суроолоруңарды жазгыла.<br>**Мисал. 6-класс. Тема: Туунду жана туунду эмес сөздөр**<br>**1-бетинде:** Туунду жана туунду эмес сөздөр жөнүндө түшүнгөнүңдүн баарын атап, жалпылаштыргыла.<br>**2-бетинде:** Өтүлгөн тема боюнча түшүнбөй калган нерселерди белгилеп, суроолоруңарды жазгыла .<br>Бул ишти жуптарда же кичи топтордо өткөрүп, андан кийин класста жалпылаcа болот. |
| **Кол менен белги берүү** | **Мисал. 7-класс. Тема: Сын атооч**<br>Теманы түшүндүргөндөн кийин мугалим окуучулардан төмөнкү суроолорго жооп берүүсүн суранат:<br>*1. Сын атоочко аныктама бере аласыңарбы?*<br>*2. Сын атоочтун түрлөрүн аныктай аласыңарбы?*<br>*3. Сын атоочтун синтаксистик функциясын аныктай аласыңарбы?*<br>Мугалим кайсы бир түшүнүктөрдү, принциптерди, процесстерди ж.у.с. түшүндүрүп жатканда, окуучулардан материалды түшүнгөнүн же түшүнбөгөнүн кол менен жаңсап белги берүүсүн суранат. Окуучулар менен ал белгилер тууралуу алдын-ала макулдашып алуу керек:<br>***Мен ______ түшүндүм жана түшүндүрүп бере алам (бармак өйдө багытталган)***<br>***Мен _____ дагы эле түшүнө элекмин (бармак төмөн жакка багытталган)***<br>***Мен _____ түшүндүм деп ишеничтүү айта албайм (кол булгаланат)***<br>Белгилерди карап, мугалим ар бир топтун окуучуларына суроо берет. Окуучулардын жоопторунун негизинде мугалим теманы кайталоо же жаңы темага өтүү тууралуу чечим кабыл алат. |

| | |
|---|---|
| **Үч мүнөттүк эссе** | Мугалим окуучуларга максаттуу суроо берет, ал суроого жооп жазуу үчүн 2-3 мүнөт талап кылынат. Суроого окуучулар жазуу түрүндө жооп бериши керек.<br>**Мисал. 7-класс. Тема**: **Чакчыл түрмөк**<br>Тема өтүлгөндөн кийин окуучулардын түшүнүү деңгээлин аныктоо үчүн мугалим төмөнкү суроону берет: «Сүйлөмдө чакчыл түрмөк кандай ролду аткарат?»<br>Андан кийин мугалим 2-3 мүнөттүн ичинде жоопту жазып берүүнү сура-нат. Үч мүнөттүк эссе жазылгандан кийин, мугалим кээ бир окуучулардан эсселерин окуп берүүсүн суранат. |
| **Кеп үлгүлөрү (багыттоо)** | Мугалим окуучуларга жооп даярдоого жардам берүүчү кеп үлгүлөрүн (сөз айкаштарын, багыттоочу сүйлөмдөрдү) мезгил-мезгили менен берип турат.<br>**Мисал. 5-класс. Тема: Этиш**<br>*Этиш – бул сөз түркүмү, ал________________билдирет жана _________ суроолорго жооп берет. Этиштин ________ чактары болот. Сүйлөмдө этиш __________________ ж.б.* |
| **3 мүнөттүк тыным** | Мугалим окуучуларга сабакта өтүлүп жаткан түшүнүктөрдү жана идеяларды ойлонуштуруу, мурунку материалдар, билим жана тажрыйбасы менен бай-ланыштыруу, ошондой эле түшүнүксүз нерселерди тактоо үчүн 3 мүнөттүк тыным берет.<br>**Мисал. 8-класс. Тема: Ой жүгүртүү**<br>Тема өтүлүп жана бышыкталгандан кийин мугалим окуучуларды өтүлгөн тема боюнча өз пикирин билдирүүнү жана төмөнкү кеп үлгүлөрүн улан-тууну суранат:<br>▪ *Мен ... жөнүндө көбүрөөк билдим.*<br>▪ *Мен үчүн ... маанилүү болду.*<br>▪ *Мен үчүн ... түшүнүксүз бойдон калды.*<br>▪ *Эми мен ... аткара алам.* |
| **Жыйынтыктоочу карточкалар** | **Жыйынтыктоочу карточкалар** – сабактын же кандайдыр бир тапшыр-маны аткаруунун, окуу күнүнүн аягында коюлган суроого окуучулардын жазуу түрүндөгү жооптору.<br>**Мисал. 8-класс. Тема: Кептин стилдери**<br>Мугалим төмөнкү суроолорду бериши мүмкүн:<br>*1. Стилдердин кандай түрлөрү бар?*<br>*2. Алар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?*<br>*3. Аларды кайда колдонсо болот?* ж.б.. |
| **Жаңы материал-ды өздөштүрүү деңгээлин тек-шерүү үчүн көнүгүүлөр** | Мугалим төрт квадратта төмөнкүдөй жазуулары бар таблица түзөт: **«Алдын ала айтуу», «Түшүндүрүү», «Жалпылоо» жана «Баалоо»**. Жаңы мате-риалды түшүндүргөн соң, окуучулардан кайсы бир квадратты тандоону өтүнөт. Мында мугалим ар бир окуучу жаңы окуп-үйрөнгөн тема боюнча өзү аткара турган тапшырманын тибин кандайча тандашы керектигин тактап айтат. Анан кайсы квадрат тандалганына карай суроо берет. |

| | |
|---|---|
| | **Мисалы: 7-класс. Тема: Атоочтуктар**<br>Эгерде окуучулар «**Түшүндүрүү**» квадратын тандаса, анда мугалим: «Бул терминди сен кандайча түшүнөсүң?» – деп сураса болот.<br>(2) Эгер окуучулар «**Жалпылоо**» квадратын тандаса, мугалим: «Атоочтуктардын негизги белгилерин санап бер»- деген тапшырма берсе болот ж.б. |
| **Ички жана тышкы тегерек** | Окуучулар ички жана тышкы эки тегерек болуп тизилет. Окуучулар бири-бирин карап турушат да, **өтүлгөн тема боюнча** алдын ала жазылган **суроолорду беришет**. Анан сырткы тегеректе турган окуучулар жылышат да, жаңы түгөйлөрдү түзүшөт. Жогоруда сыяктуу суроо-жооп улантылат.<br>**Мисал. 5-класс. Тема: Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү**<br>Суроолорго мисалдар:<br>*1. Сүйлөмдүн кайсы айкындооч мүчөлөрүн сен билесиң?*<br>*2. Ээ деген эмне?*<br>*3. Бышыктооч эмнени билдирет?*<br>*4. Аныктооч кайсы суроого жооп берет?*<br>*5. Толуктооч деген эмне?* |
| **Температура өлчөө** | Бул метод окуучулар тапшырманы канчалык туура аткарып жатканын аныктоо үчүн колдонулат.<br>**Мисал. 6-класс. Тема: Ат атооч**<br>Мугалим теманы түшүндүргөндөн кийин аны бышыктоо үчүн окуучуларга өз алдынча аткарууга тапшырма берет. Бир аз убакыт өткөн соң ал окуучулардын ишин токтотуп, «Биз эмне кылып жатабыз?»- деп сурайт. Бул суроого жооп берүү менен окуучулар тапшырманын маңызын же аны аткаруу процессин канчалык деңгээлде түшүнгөндөрүн билдиришет. Кээде, мисалы жуптарда же кичи топтордо иш жүрүп жатса, мугалим бир жупту же бир топту тапшырманы аткаруу процессин көрсөтүүнү суранат, ал эми калган окуучулар бул жолу алардан эмнелер талап кылынып жатканын көрүшөт. |

Мугалим өз ишмердигинде калыптандыруучу баалоонун ар түрдүү техникаларын колдоно билиши керек. Ошол эле учурда калыптандыруучу баалоонун техникаларын жөн гана максатсыз колдонбостон, баалоонун натыйжалары билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн окуучу менен мугалимдин ишмердигине оңдоп-түзөөлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк бериши зарыл.

## 7.2. Калыптандыруучу баалоонун натыйжаларын жыйноо жана каттоо

Окуучулардын жетишкендиктерин эсепке алууга жардам берүүчү көптөгөн усулдар бар. Калыптандыруучу баалоонун натыйжалары окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин деңгээли тууралуу маалымдайт. Мугалим бул натыйжаларды катташы керек. Бул үчүн мугалим ар кандай каттоо журналдарынын («Класстык журналдан» башкасын) формаларын колдонсо болот. Мындай журналдарды атайын уюштуруу керек, мисалы «Комментарийлердин журналы» же «Маектешүүлөрдү каттоо барагы» ж.у.с., ошондой эле ар бир окуучуга берген комментарийлерди дептерге же сабактын пландарында жазса болот.

«Комментарийлер журналынан» мисал

| **Окуучулардын аты-жөнү** | **Комментарийлер** |
|---|---|
| Асан | Зат атоочту жөндөөдө чаташат. |
| Зина | Зат атоочтордун жөндөмөлөрүн аныктоодо кыйналат. |
| Үсөн | Сөздөрдү туура жазууда кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат. |

«Маектешүүлөрдү каттоо барагына» мисал

| **Окуучулардын аты-жөнү** | **«Лексика» деген тема боюнча маектешүүлөр** | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Эрежелердин практикада колдонулушу** | **Жооптор Суроолор** | **Концепцияны түшүнүшү** | **Башкалар** |
| Зина | Синонимдерди кээ бир учурларда туура эмес колдонот | Туура жооп берет | | |
| Асан | | Неологизмдерди аныктоодо кыйынчылыктарга дуушар болуп жатат | Сөздөрдү аныктоодо кошумча жардамга муктаж. | |

Андан ары мугалим ар бир окуучу боюнча чогулган бардык фактыларды карап чыгып, ар бир окуучу күтүлүүчү натыйжага жетти деп айтуу үчүн далилдер жетиштүүбү деген суроого жооп бериши керек. Мындай жазуулар ар бир окуучунун жетишкендиктерин эсепке алууга жана баалоонун натыйжаларына салыштырма талдоо жүргүзүүгө, анын негизинде окуучулардын жеке өнүгүү карталарын түзүүгө мүмкүнчүлүк берет.

## 7.3. Талдоо

Баалоонун баскычтарынын эң маанилүүсү – бул баалоо иштеринин жыйынтыктарына талдоо жүргүзүү.

Мугалим окуу процессинин жүрүшүндө баалоонун жана байкоо жүргүзүүлөрдүн натыйжаларын талдай билиши керек. Текшерүү иштердин натыйжаларын талдоо төмөнкүлөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берет:

- кээ бир балдарга айрым тапшырмаларды аткаруу татаалга туруп жаткандыгы;
- кээ бир балдар тема, бөлүм боюнча кыйынчылыкка дуушар болуп жаткандыгы;
- окуучулар үчүн кыйынчылык, көйгөй жараткан суроолор, тапшырмалар бар экендиги.

Класстын текшерүү иштеринин жыйынтыктарына жалпы талдоо жүргүзүү аркылуу мугалимдер окуучулар жакшы өздөштүргөн темаларды, кичи темаларды, тапшырмаларды аныктай алышат, жана ошондой эле, кайсы кырдаалдар мындан аркы окуп-үйрөнүү процессин уюштурууда жакшыртууну талап кыла тургандыгы да айкын көрө алат.

Аналитикалык иштин натыйжалары билим берүү процессин жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууга таасир этиши керек.

**КОРУТУНДУ**

1. **Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн калыптандыруучу баалоонун ар түрдүү техникаларын ырааттуу жана максаттуу колдонуу зарыл.**
2. **Баалоонун максатына жараша мугалим ылайыктуу техниканы тандай билиши керек.**
3. **Маалыматтарды (жыйынтыктарды) топтоо калыптандыруучу баалоонун техникаларын колдонуунун милдеттүү элементи болуп саналат. Мугалим окуучулардын жетишкендиктерин каттоо журналы менен иштеши керек.**
4. **Мугалим текшерүү иштердин натыйжаларын талдап, кайсы окуучу же окуучулар үчүн белгилүү тапшырмалар кыйынчылык туудуруп жатканын, ошондой эле кайсы суроолор, тапшырмалар окуучулар үчүн чоң көйгөйлөрдү жаратып жатканын аныкташы керек. Алынган натыйжалардын негизинде мугалим өз пландарына өзгөртүүлөрдү, оңдоп-түзөөлөрдү киргизиши керек.**

**ӨЗҮҢДҮ ТЕКШЕР!**

**Урматтуу кесиптеш!**

? **Сунушталган суроолор Сизге дагы бир жолу материалга кайрылууга, негизги идеяларга өзгөчө көңүл бурууга мүмкүнчүлүк берет. Суроолорго жооп бериңиз. Өзүңүздүн жообуңуздун вариантын кесиптештериңиз менен талкуулаңыз.**

1. **Текшерүү иштердин жыйынтыктарын талдоо эмнелерди аныктоого жардам берет:**

   а) тиги же бул тапшырманы аткаруу кыйын болуп жаткан окуучулардын тобун
   б) тема, бөлүм боюнча кыйынчылыкка дуушар болуп жаткан окуучуларды
   в) окуучулар үчүн кыйынчылык, көйгөй жараткан суроолорду, тапшырмаларды
   г) жогоруда айтылгандардын баарын

2. **Калыптандыруучу баалоонун бир техникасынын кадамдарын ырааты менен жазыңыз жана кесиптештериңиз менен талкуулаңыз:**

# КОРУТУНДУ

Билим берүүнүн 21 кылымдагы адамга керектүү компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталышы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасына олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүүнү талап кылат.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасы окуучулардын жетишкендиктерин өлчөөнүн гана эмес, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун да натыйжалуу куралы экени баарына маалым.

Баалоо – бул мамлекет менен мектептин ортосундагы өз ара аракеттенүү процессин чагылдыруу. Баалоо системасы билим берүү процессинин максаттарына жана милдеттерине дал келген учурда гана ал билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун натыйжалуу механизмине айланат.

Заманбап коомдо баалоо окуучунун жашоосунда жана өзүнүн максаттарын ишке ашырууда зарыл болгон компетенттүүлүктөрдү аныктоого багытталышы керек, ал эми калыптандыруучу баалоо окуучулардын жеке жетишкендиктеринин деңгээлине байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет да, билим берүүнүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт.

Калыптандыруучу баалоо ушул убакка чейинки колдонулуп келе жаткан баалоо усулдарынан айырмаланып турат, эң негизгиси, мугалимге ар бир окуучу менен өзүнчө жана ырааттуу түрдө иштөөгө, окуучулардын материалды жетишсиз өздөштүрүүсүн баштапкы баскычтарда эле баамдоого мүмкүнчүлүк берет жана мугалимге окуу процессин уюштурууга, ал эми окуучуга өз билим алуусу үчүн көбүрөөк жоопкерчилик сезүүгө жардам берет.

Калыптандыруучу баалоонун методологиясын колдонуу – мугалимдин ишин баалоонун жаңы системасынын маанилүү критерийлеринин бири болуп саналат, жана мугалимдин кесиптик ийкемдүүлүгүн, өз ишмердигин талдоо жөндөмдүүлүгүн чагылдырат.

Кыргыз тили мугалимдери усулдук бирикмелердин ишмердиги алкагында баалоону пландаштыруу учурунда да, талдоо жана кайтарым байланышты даярдоо процессинде да биргелешип иштеши абдан маанилүү. Тажрыйба алмашуу аркылуу калыптандыруучу баалоону тезирээк аңдап түшүнүүгө, а демек, окуп-үйрөнүүнү жакшыртуу үчүн баалоонун максатына тезирээк жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

# ГЛОССАРИЙ

**Алгори́тм** – маселени тийиштүү убакыт ичинде чечүүдө жасала турган иш-аракеттердин (кадамдардын) ирети.

**Андрогогика** – (*грек.* andros – чоң киши жана agoge – жетектөө, тарбиялоо) – педагогика илиминин чоң кишилерге билим берүү, аларды окутуу жана тарбиялоо маселелерин теориялык жана практикалык жактан изилдөөчү тармагы.

**Баа** – (1) баалоо ишмердиги, иш-аракети же процесси, кайтарым байланыш аркылуу алынуучу сапаттык маалыматы; (2) окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу-формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу (белгиси); (3) баалоо процессинин натыйжасы, баанын сандык берилиши.

**Баа берүү** – (1) баалоонун натыйжасы, бул боюнча берилүүчү сапаттык маалымат. (2) бул баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы.

**Баа коюу** – (1) баалоо процессинин натыйжасы, баанын сандык туюнтулушу. (2) баалоо боюнча процесс, иш же иш-аракет, кайра байланыштын сапаттуу маалыматы.

**Баалоо** – (1) окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси; (2) окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигин байкоо, ошондой эле билим сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндөгү маалыматтарды сыпаттоо, чогултуу, каттоо жана чечмелөө процесси; (3) окуучулардын окуу жана таанып-билүү иштерине байкоо жүргүзүү процесси, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана түшүндүрүү.

**Блумдун таксономиясы** – (1) *таксономия* – ар бир деңгээл (таксон) жогору турган таксонго карата түрдүк бөлүк, төмөн турган таксондорго карата тектик бүтүндүк болуп саналган, ич ара баш ийүүчүлүк түзүмү бар ишмердиктин классификацияланышы жана тутумдашуусу (системалаштырылышы). Америкалык психолог Бенджамин Блум түзгөн мугалимдерге төмөнкү деңгээлден жогорку деңгээлге карай суроолорду коюуда жардам бере турган ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн деңгээлдери. (2) Ой жүгүртүү көндүмдөрүнүн Америкалык психолог Бенджамин Блум түзгөн даражалары (иерархиясы), буга мугалимдер төмөнкү жана жогорку деңгээлдердеги суроолорду камдоодо таянса болот.

**Божомолдоочу (диагноздоочу) баалоо** – (1) окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн (ББК; орусчасы – ЗУН), ошондой эле ишбилгилигинин (компетенттүүлүгүнүн) калыптануусунун баштапкы деңгээлин аныктай турган баалоо; (2) окуучулардын компетенттүүлүктөрүнүн жана билиминин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусунун баштапкы деңгээлин аныктоо максатындагы баалоо.

**Бюджеттен тышкаркы каражаттар** – бул бюджеттик мекемелердин продукция сатуудан, иш аткаруудан, кызмат көрсөтүүдөн же башка киреше алып келүүчү ишмердиктен тапкан каражаттары.

**Бюджеттин ачык-айкындыгы** – каалагандардын баарына бюджет жөнүндөгү зарыл маалыматтын бүт бойдон ачык, жеткиликтүү жана толук берилиши.

**Венн диаграммасы** – фактыларды, кубулуштарды, идеяларды салыштыруу үчүн пайдаланылуучу чектери бири-бирине кабатталган эки тегерек түрүндөгү схема-диаграмма. Ар бир

тегеректеги бош орундар кубулуштун айырмачылыктарын жазуу үчүн, ал эми тегеректердин кошулушунан пайда болгон бөлүк алардын жалпы белгилерин белгилөө үчүн.

**Девианттык жүрүм-турум** – адамдын жаш курагына жараша коомдо кабыл алынган ченемдерге (эрежелерге, салтка ж. у. с.) туура келбеген жорук-жосундары. *Девианттар* – салыштырмалуу түрдө маанилүү деп таанылган жүрүм-турум ченемдерин бузгандыгы белгилүү болгон адамдар.

**Девиация** – (*лат.* четтөө, кыйшаюу) туура багыттан, түзүмдөн четтөө, чыгып кетүү (мисалы, кеменин багыттан таюусу, организмдин туура эмес өсүшү); жүрүм-турумдун социалдык жөнгө салынбай, психикалык өзүн-өзү жөнгөрүүнүн болбой калышы.

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо

**Диагноздоо** – (*грек.* diagnosis – байкап билүү, аныктоо) ыктымал четтөөлөрдү алдын ала айтуу үчүн абалды (мисалы, кишинин абалын) мүнөздөөчү белгилерди аныктоо жана иликтөө.

**Диалог** – (*грек.* dialogos); эки же андан ашуун адамдын ортосундагы сүйлөшүү.

**Жан башына каржылоо** – бул бир окуучуга сарпталуучу чыгымдардын белгиленген ченеминин негизинде бюджетти түзүү жана билим берүү уюмдарына бөлүштүрүү.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – (1) белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо; (2) теманы, бөлүмдү окуп-үйрөнүүнүн соңунда же убакыттын так аныкталган мезгилинде (чейрек, жыл аягында) билимдердин, билгичтиктердин жана окуу көндүмдөрүнүн калыптаныш деңгээлин аныктай турган баалоо; (3) бул окуу процессинин бул же тигил этабында пайдаланылуучу бааларды жалпылоо (жыйынтыктоо). Билим берүү тутумунда буга чейин өкүм сүрүп келген талаптарга ылайык, окуучулардын билимдерин (фактыларды, даталарды, окуяларды, эрежелерди, формулаларды билишин), тагыраагы, эске сактап, кайра айтып бере билүүсүнө көбүрөөк көңүл бурулган. Эми билим берүүдө компетенттүүлүктү башкы орунга коюп жатканда, кыйла жогорку деңгээлдеги көндүмдөрдү текшерүү зарыл болот. Мында «окуучунун факт менен идеяны бириктирип, синтездеп, аларды жалпылаштырып, түшүндүрүп, өнүгүү багытын божомолдой алгандыгы, тыянак чыгара билгендиги, маалыматты чечмелөө жөндөмү» эске алынууга тийиш. Жыйынтыктоочу баалоо ар түрдүү көзөмөлдөө-текшерүү иштери аркылуу жүргүзүлөт. Көзөмөлдөө-текшерүү тапшырмаларын иштеп чыгууда аларга фактыларды жана өтүлгөн материалдарды түшүнүүнү эле эмес, булардан да жогору турган көндүмдөрдү текшерүүгө жараган ыкмаларды колдонуу керек. Мындай тапшырмаларды иштеп чыгууда Б.Блумдун таксономиясындагы (классификациясындагы) сунушталган окуу максаттарынын деңгээлдерине таянууга болот.

**Индивидуалдуулук** – жеке адамдын кайталангыс бөтөнчөлүгү, бир гана өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы. *Индивидуалдуу стиль (педагогикалык)* – педагогикалык иш-аракеттердин жана баарлашуунун конкреттүү педагогго таандык өзгөчө стили.

**Индикатор / Көрсөткүч** – (1) бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч прибор». Окуп үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору) – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер. (2) бааланууучу кубулуштун абалын билүү үчүн көмөк көрсөтүүчү конкреттүү мүнөздөмөлөр, сандык маалыматтар, көрсөткүчтөр, өлчөгүчтөр («Кантип, эмненин жардамы менен өлчөөлөрдү жүргүзүүгө болот?» – деген суроого жооп берет).

**Инсан** – жеке бөтөнчөлүгү (индивуалдуулугу) коомдук-тарыхый шарттарга жараша калыптанган адам.

**Инсанга багытталган окутуу (ИБО)** – (1) көңүл борборунда балага болгон окутуу; (2) көңүл борборунда балага болгон окутуу. И.С.Якиманскийдин аныктамасына ылайык, инсанга багытталган окутуу «окуучуну бүтүндөй билим берүү процессинин башкы каарманы катары таануу» дегенди билдирет. Бүтүндөй окуу процесси ушул негизги жобого шайкеш келтирилиши керек[1]. Окуучунун субъективдүүлүгүн эске алуу менен, окуу процессинин мазмуну да, усулдары да, анан, эң башкысы, мугалим менен окуучунун мамилесинин стили да аныкталат. Окуучу окуу процессинде мугалимдин тең укуктуу өнөктөшү деп таанылат. Мында мугалим милдеттүү түрдө өздөштүрүлө турган материалды окуп үйрөнүүгө окуучуну мажбурлабай, анын өзүнчө өсүп жетилиши үчүн эң мыкты (алгылыктуу, оптималдуу) шарт түзөт; (3) (педоцентризм) билим берүүнүн маңызынын борборуна баланын жекече каалоолорун, кызыкчылыгын жана талаптарын койгон педагогикадагы багыт. Педоцентризмдин идеясын Джон Дьюи ишке ашырган. Россияда педагогикалык басмаларда бул багыт «жеке инсанга багытталган окутуу» деп аталган.

**Инсандык мамиле** – педагогдун тарбияланууучуну өзүнүн өсүшү үчүн жоопкерчиликтүүлүгүн аңдап билген инсан, тарбиялык иштин субъекти катары тааныган ырааттуу мамилеси.

**Интерактив** – (*анг.* inter – өз ара, act – иш-аракет); кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Интервью (маек)** – оозеки сурамжылоо аркылуу психологиялык маалымат алуу ыкмасы. Анкета толтургандагыга салыштырмалуу суралуучу мында жоопторун кыйла эркин, толук айта алат.

**Кайтарым байланыш** – (1) иш–аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң жакшы жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана алуу процесси; (2) окутуу процессинде алынуучу, мугалимге окуучунун жетишүүсүн *формалдуу эмес* баалоо мүмкүндүгүн бере турган маалымат. Кайтарым байланыш окуучунун да билимдеги өз кемчиликтерин көрүшүнө жана аларды четтетишине өбөлгө түзөт; (3) конкреттүү аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер тууралуу комментарийлерди (пикирлерди) алуу процесси. Анда эң аз болгондо эки адам катышат: кайтарым байланышты берүүнү сураган жана кайтарым байланышты берген адам.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – (1) бул окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси; (2) Мугалимге окуучунун жетишүүсүнө *формалдуу эмес* баа берүү мүмкүндүгүн берүүчү, окуучунун окуу процессинде алынуучу маалымат. Кайтарым байланыш окуучуга өзүнүн билим алуусундагы кемчиликтерин көрүп, оңдоосуна да өбөлгө түзөт; (3) окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси. К.б. формалдуу эмес (көп учурда баа коюлбаган) баалоо болуп саналат. Ал критерийлерге ылайык баалоого негизденет жана үзгүлтүксүз кайтарым байланышты камсыздайт. К.б. окуп-үйрөнүү процессинде жана окуунун алгачкы мезгилинде өзгөртүү киргизүү үчүн окуучунун өсүшүн баалайт. Мындай баалоо окуучулардын өздөрүнүн өнүгүүсүн аңдап-билип, байкоо жүргүзүүсүнө жана кийинки кадамдарын мугалимдин жардамы менен пландоосуна мүмкүндүк берет. К.б. окуучунун жанында туруп, ийгиликке жетелөө катары аныктаса болот.

[1] *Якиманская И.С.* Личностно ориентированное обучение в современной школе. – М., 1996.

**Кейс** – (*анг.* Case – конкреттүү окуя); бул окуя түрүндө баяндалган конкреттүү турмуштук жагдай. *Кейс стади* – (*анг.* Case study) – бул *кейсти* пайдаланып окутуу усулу.

**Команда** – бул өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу максатында милдеттерди биргелешип чечүү үчүн жана мамилелери ылайык келген, анын жардамы менен өз ара жоопкрчиликти колдошкон, көндүмдөрү аркылуу өз ара бири -бирин толуктап турган адамдардын анча чоң эмес тобу (М. Армстронг)

**Коммуникация** – карым-катыш, баарлашуу, маалымат алмашуу. Мунун төмөнкүдөй компоненттери бар: 1) адресант – коомуникациянын субъекти; 2) адресат – билдирүүнү ала турган адам; 3) билдирүү – берилүүчү маалыматтын мазмуну; 4) код – билдирүүнү берүү каражаты; 5) байланыш каналы; 6) натыйжа – коммуникациянын жыйынтыгында жетишилүүчү максат.

**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Коомдоштук (сообщество)** – жалпы кызыкчылыктары, максаттары бар адамдардын, элдердин же мамлекеттердин бирикмеси. Аң сезиминин, социалдык ченемдеринин, баалуулук тутумдарынын жана кызыкчылыктарынын жалпылыгы менен айырмалануучу адамдардын кыйла туруктуу биримдиги.

**Коомдук угуулар** – коомдоштуктагы эң орчундуу маселелер боюнча калктын пикирин билүү үчүн бул демейде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шайланма органдары (мисалы, айылдык, райондук ж.б. кеңештер) уюштурган ачык талкуулар.

**Кошумча билим берүү** – жарандардын кошумча билим алуу муктаждыгын канааттандыруу үчүн уюштурулган окутуу. *Балдарга кошумча билим берүү* – жалпы билим берүү ж. б. билим берүү уюмдарында окуудан бош мезгилинде базалык билим берүүдөн тышкары кошумча программаларды өздөштүрүү аркылуу балдардын, өспүрүмдөрдүн жана жаштардын кесипти эркин тандоосуна жана алардын кызыкчылыктарын, рухий талаптарын жана муктаждыктарын толугураак канааттандырууга негизделген мектепке чейинки, мектептик жана кесиптик билим берүү тутумунун бир бөлүгү.

**Көзөмөл** – мектептин мыйзамга ылайык ишмердүүлүгүнө, ар кандай стандарттардын сакталышына мектеп жетекчилигинин жоопкерчилигин билдирет.

**Көрсөткүч** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч жабдык». Окуп-үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү – окуучунун жүрүм-турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишкендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

**Критерийлер** – (1) бир нерсени баалоого, аныктоого же классификациялоого негиз болуучу белги. Талкуу предметинин так, даана иштелип чыккан мүнөздөмөлөрү; (2) талкууланууучу предметтин так, даана иштелип чыккан мүнөздөмөсү.

**Критерийлердин градациясы** – күтүлүүчү натыйжаларга жетишүүнүн ар түрдүү деңгээлдеринин сыпаттамасы. (*Градация* – бир нерсенин иреттүү жайгашуусу, бир нерседен экинчи нерсеге өтүү баскычтары).

**Куррикулум** – (1) коомдун социалдык заказына шайкеш келген окуу процессин уюштурууга багытталган жөнгө салып жана багыт берип туруучу документтердин системасы; (2) окуу процессин уюштуруу жана аны коомдун социалдык муктаждыктарына ылайыкташтыруу үчүн иштелип чыккан жөнгө салуучу, багыт берүүчү документтердин топтому. Куррикулумдун курамына: алкактык куррикулум, мектеп куррикулуму, предметтик куррикулумдар, окуу пландары, окуу-усулдук комплекстер ж.у.с. кирет. Куррикулумда билим берүү системасындагы иштин көздөгөн натыйжасы белгиленет жана ага жараша окутуу иши жүргүзүлүп, бул тутумдун ишмердиги бааланат. *Жалпы орто билим берүүнүн улуттук алкактык куррикулуму* – билим

берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн багыт берүүчү документ. Ал билим берүү процессин жөнгө салуу; окуучуларды жетилтүү, мугалимдерди жана мектепти, билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн маанилүү каражат катары колдонулат. *Мектеп куррикулуму* – билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгып, бекитилүүчү документ. Мектеп куррикулуму өз компетенциясынын чегинде Улуттук алкактык куррикулумдун ченемдерин жүзөгө ашырат. Ал ошол билим берүү уюмунда окуу-тарбия процессин жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат. *Предметтик куррикулум* – окуучулардын предметтин алкагында ээ болуучу билим жетишкендиктерин, ага жетишүү жолдорун жана натыйжаларды өлчөө ыкмаларын иретке салат.

**Лидер** – (*анг.* leader – алып баруучу, жетекчи); (1) Коллективде чоң авторитетке ээ болгон таасирлүү адам. (2) жалпы максатка эң ыкчам жана натыйжалуу жетиш үчүн адамдардын биргелешкен ишмердигин туура уюштуруу зарыл болгондо расмий эмес жетекчи катары алдыга чыгуучу топтун мүчөсү.

**Лидерлик** – (1) инсандын көз карашын кеңейтүү, кууш алкактын чегинен чыгуу жөндөмү; (2) жалпы ишти уюштуруу механизми – жеке адам же топ бүтүндөй социалдык топтун ишин багыттаган, б.а. лидер болгон, топ анын ишмердигин кабыл алып колдогон абал. *Лидерлик стили* – жетегиндеги (кол алдындагы) адамдарга лидердин (жетекчинин) таасир этүү ыкмаларынын тутуму. К.Левин лидерлик стилинин үч түрүн айырмалаган: 1) авторитардык (өкүмчүл) – катаал түрдө башкаруу, кол алдындагылардын демилге көтөрүшүнө жана кабыл алынган чечимдерди талкуулашына тыюу салуу; 2) демократиялуу (коллегиялуу) – биргелешип чечүү, демилгени колдоо; 3) анархиялуу (либералдык) башкаруунун, жетекчиликтин жоктугу, аламандык ж. у. с.

**Маек** – эки же андан көп катышуучулардын ортосундагы аңгемелешүү.

**Максат** – (1) акыркы, көздөлгөн натыйжа; (2) ишмердүүлүктүн натыйжасын идеалдуу алдын-ала элестетүү. *Окутуунун М.* – окуучулар когнитивдик (таанып-билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп- үйрөтүүнүн утурумдук жана акыркы натыйжалары.

**Мамлекеттик-коомдук башкаруу** – мектеп менен коомчулуктун мектептеги маселелерди чечүүдөгү (окуучулардын сабакты өздөштүрүүсү, мектеп имаратын оңдоо ж.б.) биргелешкен иш-аракети. Ал ошондой эле бюджет түзүү процессиндеги, бюджеттен тышкаркы каражаттарды натыйжалуу пайдалануудагы ачык-айкындыкты камсыздоо үчүн колдонулушу мүмкүн.

**Мектеп бюджети** – бул мектептин белгилүү бир мөөнөттөгү (ай, чейрек/квартал, жыл ичиндеги) акчалай кирешелери менен чыгымдарынын сметасы.

**Мектеп камкорчулардын коомдук бирикмеси** – коомдук бирикменин уставында көрсөтүлгөн жалпы максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн кызыкчылыктарынын жалпылыгына карай бириккен жарандардын демилгеси боюнча түзүлгөн ыктыярдуу, өз алдынча башкарылуучу, коммерциялык эмес түзүм.

**Мектептеги бюджеттик угуулар** – мектептин бюджети боюнча калктын ой-пикирин үйрөнүп-билүү максатында мектеп администрациясы тарабынан ачык талкуу түрүндө уюштурулган иш чара.

**Минималдуу стандарт** – бул бир окуучуга эсептелген мамлекеттик билим берүү программасынын эң арзан наркы. Жалпы билим берүүчү уюмдарды *бюджеттен каржылоонун минималдуу стандарттары* бир окуучуга жетиштүү каржылоо ченемин жана билим берүү кызматтарынын кымбаттоосуна жараша түзөтүү коэффициенттеринин системасын камтыйт.

**Миссия (уюмдун)** – (1) уюмдун бар болушунун жүйөсү, анын эң жалпы, башкы максаты. (2) конкреттүү уюмга мүнөздүү келген максаттардын жана аларга жетишүү усулдарынын, буга байланышкан ынанымдардын, мамилелердин жыйындысы.

**Мониторинг** – адамдын ишмердүүлүгүнө байланыштуу айлана-чөйрөнүн абалына байкоо жүргүзүү, баа коюу жана божомолдоо.

**Мотивация/Ички каалоо** – (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түртүү): (1) инсандын, аң сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; (2) талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; (3) окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; (4) адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Мүдөө (мектептин)** – бул мектептин келечекте кандай болорун, эмне кыларын жана эмнеге жетишүүнү көздөгөнүн чагылдырган түшүнүк. Мүдөө мектеп лидерлигинде башкы орунду ээлеп, жалпы иштин ийгилигине жамаатты шыктандырышы, жигердүүлүккө өбөлгө түзүшү керек. Бул үчүн мүдөө бүтүндөй мектеп жамаатына даана түшүнүктүү болушу зарыл. Ал окуу-усулдук ишти туура багыттоого мүмкүндүк түзүп, мектептеги кызматкерлердин кесиптик өнүгүшүнө түрткү берет.

**Насаатчы** – жаш мугалимге жол көрсөтүп, кеп-кеңеш берип, кесиптик ишмердиктин сырларына үйрөтүүчү тажрыйбалуу мугалим.

**Насаатчылык** – (1) бул окутуу ыкмаларын өркүндөтүү үчүн бир мугалимдин башка мугалимге берген жардамы; (2) тажрыйбалуу мугалимдин жаш мугалимге кеңеш бериши, үйрөтүшү.

**Натыйжалар (билим берүүдөгү)** – билим алуучулардын инсандык, жарандык жана кесиптик жактан өзүн өзү аныктоосун ишке ашыруу үчүн зарыл жана жетиштүү болгон жекече компетенттүүлүктөрүнүн топтому.

**Опуртал топтогу балдар, өспүрүмдөр (дети/подростки «группы риска»)** – генетикалык, биологиялык жана социалдык себептерге байланыштуу мектепке психикасы жана дене-бою чабал, кароосуз, мектепке ыңгайлаша албай калышы ыктымал абалдагы балдар.

**Өз ара баалоо** – окуучулар өздөрүнүн биргелешкен ишмердигин талдап, бирин бири баалашат.

**Өзүн өзү баалоо** – (1) бул өзүнүн күчтүү жана начар жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана кемчиликтери жөнүндө маалымат чогултууга багытталган процесс; (2) инсандын өзүн-өзү баалоосу, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын жана адамдардын арасындагы ордун; инсандын кыймыл-аракетинин бирден бир күчтүү регулятору. Башкалардын арасында өзүн, өз мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын, өзүнүн ордун баалоо.

**Өзүн-өзү талдоо (окуучунун)** – окуучунун өз ишмердигинин мурдатан аныкталган критерийлерге, ченемдерге, талаптарга шайкештигин аныкташы.

**Парадигма** – илимий чөйрөдө кабыл алынган жана анын көпчүлүк мүчөлөрүн бириктирип турган түпкүлүктүү илимий мүдөөлөрдүн, түшүнүктөрдүн жана терминдердин жыйындысы. Ал илимдеги жана илимий чыгармачылыктагы уланмалуулукту камсыздайт.

**Педагогикалык менеджмент** – педагогикалык тутумдарды өркүндөтүүгө жана иштешин жакшыртууга багытталган аларды башкаруу принциптеринин, усулдарынын, уюштуруу формаларынын комплекси.

**ПИЗА (PISA) сынагы** – (*анг.* **P**rogramme for **I**nternational **S**tudent **A**ssessment – чет элдик окуучуларды баалоо программасы); 15 жаштагы окуучулардын билимин баалоо менен изилдеген эл аралык сынак. Окуучулардын билимин баалоо аркылуу жалпы билим берүүчү мектептерде билим берүүнүн сапатын аныктоого багытталган. ПИЗА сынагы Норвегия, Япония, Нидерландия, Словения, Германия, АКШ ж.б. мамлекеттерде өткөрүлгөн. Бул сынакка Кыргызстан 2006-жылы биринчи, 2009-жылы экинчи жолу катышкан.

**Портфолио** – (1) окуучунун бир же бир нече предмет боюнча иштерди аткаруудагы аракетин, өсүшүн, жетишүүсүн чагылдырган, максаттуу түрдө чогултулуучу материалдардын топтому. Жетишкендиктер папкасы; (2) окуучунун жетишүүсүн чагылдырган материалдар топтому; (3) окуучунун иш аткаруу учурундагы аракетин, бир же бир нече предмет боюнча өсүшүн жана жетишкендиктерин көрсөтүүчү, максаттуу түрдө чогултулган иштери. Мында төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл бөлүү керек: Портфолиодо окуучу өзү баалоо үчүн тандап алган, анын пландалган натыйжалар боюнча жетишүүсүн, өсүшүн көрсөтүүчү иштери камтылышы зарыл. Окуучу иргеп алынуучу материалды тандоого катышат. Материал тандап алуунун ойлонуштурулган критерийлери болушу керек. Окуучулардын ой жүгүрткөндүгү/талдоо жүргүзгөндүгүнө далилдер чогултулушу керек.

**Рефлексия** – (*лат.* reflexio – артка кайрылуу): (1) субъектин ички психикалык абалына өзүнүн көңүлүн буруу жана аны түшүнүү процесси. Окуу процессинин негизги максаты ар бир маалыматка окуучуда өзүнүн объективдүү мамилеси жаралууга өбөлгө түзүү; (2) окуу процесси жана негизги билимдер менен көндүмдөрдү өзү кандай түшүнөрүн иликтөө боюнча окуучунун ой жүгүртөрүн көрсөткөн далилдер болушу зарыл. Ой жүгүртүү окуучулар кайсы бир мезгил аралыгындагы тигил же бул маселени чечүү үчүн колдонгон тапшырма аткаруу жана ойлонуу амалдарын талдоонун идеяларды жазуу, күндөлүк жүргүзүү сыяктуу формаларда болушу мүмкүн. Буга окуучунун портфолисундагы иштер жана алардын жүрүшү жөнүндөгү мугалимдердин жана ата-энелердин ойлору да камтылышы керек.

**СМАРТ (SMART)** – (*анг.* **S**pecific – конкретүү, **M**easurable – өлчөнүүчү; **A**chievable – жетишилүүчү, **R**esult-oriented – натыйжага багытталган, жана **T**imed – анык мөөнөткө ылайык келүүчү); максат коюу ыкмаларынын бири катары *SMART – критерийлердин:* конкреттүү, өлчөнүүчү, жетишилүүчү, натыйжага багытталган, жана анык мөөнөткө ылайык келүүчү деген талаптардын топтому.

**Социалдаштыруу** – (*лат.* socialis – коомдук); адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу. Мисалы, адамдардын маданияттуу жүрүм-туруму – социалдашуунун натыйжасы. «Социалдашуу» термини саясий экономиядан өздөштүрүлгөн. Америкалык социолог Ф.Г.Гидденгс «Социалдаштыруу теориясы» (1987) деген китебинде социалдаштырууну азыркы маанисине жакындаштырып колдонгон 19-кылымдын акырынан тартып адамды өнүктүрүүгө колдонула баштаган

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү. М.: Адамдын жаңы мекемеге ишке кирип, ал жердеги адамдар менен мамиле түзүп, топтун ченемдерине көнүгүп кетүүсү.

**Социалдык коргоо** – адамдардын укуктары менен эркиндиктери сактоого, жүзөгө ашырууга, татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого берилүүчү экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер

**Социалдык педагог** – баланы/өспүрүмдү тарбиялоо, социалдык-укуктук жактан коргоо, социалдык реабилитациялоо боюнча милдеттерди ишке ашыруучу адис. С. п. социалдык функцияларына төмөндөгүлөр кирет: баланы/өспүрүмдү, анын ал-абалын, үй-бүлөдөгү жана мектептеги, жоро-жолдошторунун арасындагы өз ара мамиленин маанайын иликтеп-билүү; кыйынчылыкка туш болгон балага (өспүрүмгө) жардам берүү, кризистен чыгуунун жолдорун издеп таап, ага колдоо көрсөтүү; баланы/өспүрүмдү курчап, ага таасир тийгизип турган ар түрдүү социалдык чөйрөдөгү таалим-тарбиялык таасирди талдоого алуу; таалим-тарбиялык алдыңкы тажрыйбаны талдоого алуу, жалпылоо жана кеңири жайылтуу; баланы/өспүрүмдү өзүн өзү тарбиялоого, өзүн өзү өнүктүрүүгө, өз турмушун өзү уюштурууга, өз жүрүм-турумун өзү жөнгө салууга багыттоо ж.б. С.п. баланын/өспүрүмдүн кризистик абалына тиешелүү

болгон жана анын укуктарын коргоо маселелерине байланышкан проблемаларды чечүүчү адистер менен уюмдардын ишин координациялап, алардын күч-аракетин бириктирет. Ошондой эле социалдык таалим-тарбиянын ар түрдүү проблемаларын, социалдык педагогдордун, коллективдердин, ар кандай педагогикалык борборлордун ишин талдоого алуу сыяктуу маселелерди жүзөгө ашырат.

**Социалдык роль** – коомдо белгилүү орду бар, мисалы, мугалимдин, жетекчинин, ата-эненин, окуучунун ж.у.с. ролун ойногон инсандын өзгөчөлүктөрүн сыпаттоочу түшүнүк.

**Стратегиялык пландоо** – иштерди аткаруунун тартибин, ырaатын жана мөөнөттөрүн кароочу иш-чаралардын алдын ала белгиленген системасы. Ал натыйжалуу башкаруунун түрлөрүнүн бири болуп эсептелет жана кандайдыр бир уюмдун максаттарын жана аларга жетүү жолдорун тандоо процесси түрүндө болот.

**Таксономия** – (1) ар бир даражасы (таксону) жогору турган таксонуна карата түрдүк бөлүк, төмөн турган таксондоруна карата тектик бүтүндүк болуп саналган, ич ара баш ийүүчүлүк түзүмү бар татаал ишмердиктин системалуу классификацияланышы; (2) классификация, кубулуштардын, объектердин баш ийүү иретинин систематизациясы (төмөндөн жогоруга чейин)

**Талдоо (анализ)** – (*грек.* ажыратуу); ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

**Толеранттуулук / Сабырдуулук** – (*лат.* tolerantio – чыдоо); окуучуларды дүйнөдөгү маданияттардын көп түрдүүлүгүн, өзүн көрсөтүү формаларын жана жекече адамдык сапатын түшүнүүгө, кабылдоого жана кадырлоого багытталган дидактикалык принцип; башка пикирлерге, ишенимдерге, жүрүм-турумдарга чыдамкайлык.

**Тренинг** – интерактивдүү окутуунун формасы, башкача айтканда, тажрыйба аркылуу окутуунун негизги формаларынын бири. Анын максаты баарлашууда жеке адамдар ортосундагы жана кесиптик жүрүм-турумдун компетенттүүлүгүн өнүктүрүү болуп эсептелет. Мында окуу материалын тез өздөштүрүүгө жана катышуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга көмөктөшүүчү методдор колдонулат. Мугалимди кесиптик даярдоо системасындагы маанилүү методдордун бири. Мында чакан топтордо иштөө, жекече, түгөйлөшүп иштөө, ролдук оюндар ж.б. колдонулат. Ар бир катышуучу мурунку тажрыйбаларынын негизинде, башка катышуучулардын маалыматтарын өздөштүрүүнүн натыйжасында өздөрүнүн ык-машыгууларын өнүктүрөт. Тренингди тренер (машыктыруучу) же фасилитатор алып барат.

**Фасилитация** – (*анг.* facilitate – жеңилдетүү, көмөктөшүү, жардамдашуу, жагымдуу шарт түзүү); окутуу процессинде окуучунун изденүүсүн коштоп, ага жардамчы болуу. Ушундай ишти аткарган адам фасилитатор деп аталат. Ал даяр жоопту айтып бербестен, окуучунун оюндагыны аныктап, маалымат алмашууга багыттай турган, окуучулардын тажрыйбасын тартууга, алардын дараметин пайдаланууга жол ача турган изилдөөчү суроолорду берет. Фасилитатор-мугалим класста чыныгы, баалуу мамилеси жана эмпатиясы (бирөөнүн абалын кошо сезиши, түшүнүшү) менен мүнөздөлүүчү жагымдуу маанайды түзөт.

**Чыгымдар сметасы** – бул акча каражаттарын максаттуу багытына ылайык чыгымдалышы тууралуу маалыматты камтыган каржылык документ. Смета ар бири бирдей топтогу чыгымдарды камтыган, милдеттүү түрдө так аткарылышы зарыл беренелерден (статьялардан) турат.

**Чыр-чатак (конфликт)** – тараптардын, өз ара катышкан адамдардын карама-каршы максаттарынын, кызыкчылыктарынын, позицияларынын, пикирлеринин кагылышуусу (=> инсандын ички конфликти). Ар кандай эле чыр-чатактын негизинде төмөнкүлөрдүн бирин

же баарын камтуучу кырдаал болот: 1) тараптардын кайсы бир маселе боюнча карама-каршылыктуу позициясы; 2) максаттардын же аларга тийиштүү шартта жетишүү каражаттарынын дал келбөөчүлүгү; 3) тараптардын кызыкчылыктарынын, каалоолорунун, умтулууларынын ж.у.с. дал келбөөчүлүгү. Чыр-чатактуу кырдаалдын ыктымал субъектилери жана объектилери болот. Бирок чыр-чатак чыгышына тараптардын бири экинчисинин кызыкчылыктарын бузуучу иш-аракет жасагандагы жагдай алып келет.

**Чыр-чатактуу (конфликттүү) кырдаал** – тараптардын кызыкчылыктары каршы келип калган, бирок ачык кагылыша элек абал.

**Элестетүү** – мурдагы кабылдоолордун, билимдердин жана тажрыйбанын негизинде жаңы, мурда көрбөгөн, жолукпаган бир нерсенин үлгүсүн-элесин түзүү, жаңыдан түзүлө турган нерсенин көрсөтмөлүү үлгүсүн жаратуу. Даяр баяндалышына, схемасына жана сүрөтүнө таянбастан эле жаңы үлгүнү түзүү *чыгармачыл элестетүү* деп аталат.

**Эмгекке катышуу коэфициенти** – билим берүү мекемесинин кызматкеринин мектептеги окутуу жана тарбиялоо ишине кошкон өздүк салымынын көрсөткүчү. Бул көрсөткүч түрткү берүүчү төлөмдөрдү эсептеп чыгарууда колдонулат.

# АДАБИЯТ


1. Воронин А.С. Словарь терминов по общей и социальной педагогике, 2006 г.
2. Ганзалис Р. «Руководство по формативному и суммативному оцениванию» – Б., 2007.
3. Гин А. «Приемы педагогической техники». – Москва, 2004 г.
4. Математика (приложение к газете 1 сентября) № 21, 1997 г.
5. Низовская И.А. Словарь программы «Развитие критического мышления через чтение и письмо». – Бишкек: ОФЦИР, 2003.
6. Оганесян В.А. и др. «Методика преподавания математики в средней школе». М.: «Просвещение», 1975 г.
7. Поурочные планы 5-6-7-8-9 классов. Издательство «Учитель», 2003 г.
8. Результаты международного исследования функциональной грамотности 15- летних учащихся PISA. – 2006 г.
9. Шакиров Р., Буркитова А., Дудкина О. Оценивание учебных достижений учащихся., Методическое пособие., Б., 2011 г.
10. Шамова Т.И., Давыденко Т.М. «Управление образовательным процессом в адаптивной школе». М.: Центр «Педагогический поиск», 2001 г.
11. Shirley Clarke. Unlocking Formative assessment. – 2001.
12. http://www.aforismo.ru/authors/859/
13. http://www.gramota.ru
14. http://festival.1september.ru/articles/412271/
15. http://festival.1september.ru/articles/570689/
16. vita-centr.ru/Other/343.doc
17. luckowl.grodno.unibel.by/sm.aspx?uid=368
18. http://ru.wikipedia.org/wiki
19. http://school.xvatit.com/index.php
20. teachermoa.21309s01.edusite.ru
21. http://blog.discoveryeducation.com/assessment/files/2009/02/blackbox_artick.pdf


## Мугалимдер үчүн ушул серияда чыгарылган, башка усулдук адабият:


1. Шакиров Р., Буркитова А., Дудкина О. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо. Методикалык колдонмо. – Б.: 2011.
2. Дудкана О.И., Буркитова А.А. и др. «Формативное оценивание в начальной школе». Практическое пособие для учителя., Б.: 2011 г.
3. Шакиров Р.Х., Чепекова Г.С. и др. «Формативное оценивание на уроках кыргызского языка» Практическое пособие для учителя., Б.: 2011 г.
4. Иманкулова М.Т. и др. «Педагогический менеджмент в школьном образовании: Инструментарий по педагогическому лидерству, мониторингу и наставничеству». Методическое руководство, Б.: 2011 г.

# ТИРКЕМЕЛЕР

*1-тиркеме*

***Предмет:*** Кыргыз тили

***Класс:*** 5

***Сабактын темасы:*** Антонимдер

***Сабактын тиби:*** Жаңы теманы түшүндүрүү

***Колдонулуучу баалоо усулдары:*** оозеки кайтарым байланыш, «Кол менен белги берүү» техникасы

***Каражаттар/ жабдуулар:*** такта, окуу китеби, дептерлер, А-4 өлчөмүндөгү кагаздар

| **Сабактын максаттары:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| **Окутуп-үйрөтүүчү**: Окуучулар антонимге аныктама беришет. Антонимдерди синоним, омонимдерден айырмалап, сүйлөмдө, текстте таба алышат, аларды пайдаланып сүйлөм түзө алышат | ▪ Антоним жөнүндө айтып бере алат.<br>▪ Антонимдерди синоним, омонимдер менен салыштырып, айырмачылыгын көрсөтө алышат.<br>▪ Антонимдерди берилген сүйлөмдөрдө туура коё алышат. |
| **Өнүктүрүүчү:** Антонимдерди пайдалануу аркылуу кеп маданиятын өнүктүрүү | ▪ Антонимдерди жазуу жана оозеки кепте туура пайдаланышат. |
| **Тарбиялык:** окуучулар кыргыз элинин макалдары аркылуу адептүүлүккө тарбияланат | ▪ Кыргыз элинин макалдарынын маанисин чечмелей алышат. |

<table>
<tr><th>Сабактын жүрүшү:</th><th>Түшүндүрмөлөр:</th></tr>
<tr><td>
1. Уюштуруу учуру (1-2 мүнөт)<br>
Мугалим окуучулар менен саламдашат. Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет.<br>
2. Максат коюу:<br>
Мугалим: Балдар, биз бүгүн силер менен кандай маанидеги сөздөр бири-бирине антоним боло тургандыгын үйрөнөбүз. Алар синоним жана омонимдерден эмнеси менен айырмаланарын салыштыра алабыз, андан тышкары антонимдерди пайдалануу менен сүйлөмдөрдү толуктап, сүйлөм, текст түзө алабыз.<br>
Азыр биз силер менен «Сөз сандыгы» оюнун ойнойбуз. Ал үчүн силер берилген сөздөрдү маанилери боюнча сандыкчаларга жайгаштыргыла.
<table><tr><td>антонимдер</td><td>синонимдер</td><td>омонимдер</td></tr></table>
Жаздык, курдаш, аз, дос , курбу, ачуу, көп, жолдош, таттуу, карта, ачык, карышкыр, узун, бөрү, кыска, жабык.
</td><td>Оюн түрүндөгү иш-аракет окуучулардын тапшырманы жандуу аткаруусуна өбөлгө түзүү менен синоним, омоним жана, антонимдерди кайталоого мүмкүндүк берет (ички мотивация)</td></tr>
</table>

| | |
|---|---|
| Окуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин, мугалим алардын жоопторун угат. Кемчиликтер болсо, окуучулар менен бирге оңдойт.<br>**Мугалим:** Демек, балдар, синоним, омоним, антонимдер бири-биринен эмнеси менен айырмаланат экен? Окуучулардын жоопторун угуп, мугалим жаңы темага өтөт. | ***Мугалим туура жоопторду мактайт, окуучулардын туура эмес жоопторун оңдогонго мүмкүнчүлүк берет.*** |
| **Лексикалык жактан карама-каршы мааниге ээ болгон сөздөр антонимдер деп аталат.**<br>Мисалы: чоң – кичине, ак – кара, келди – кетти ж.б.<br>Ким дагы антонимдерге мисал келтире алат?<br>Окуучулардын жоопторун уккандан кийин, мугалим аларга көнүгүүлөрдү берет. Китеп боюнча 348, 349-көнүгүүлөрдү аткарышат. | ***Аталган сөздөрдүн аныктамасын кайталоо окуучулардын билимдерин калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.*** |
| Бирок алгач мугалим окуучуларды баалоонун критерийлери менен тааныштырат:<br>1. Антонимдерди туура коюп жазуу<br>2. Сөз түркүмүн аныктоо<br><br>Тапшырманы аткаргандан кийин, мугалим окуучуларга дептерлерин алмашып, бири-бирин текшерүүсүн суранат.<br>**Мугалим:** Азыр биз чакан топторго бөлүнөбүз. Ар бир топко бирден макал берилет. Топтор антонимдер катышкан макалдардын маанилерин чечмелеп, макалга ылайык чакан текст түзүшөт.<br>***Макалдар:***<br>*1. Жакшыга бир сөз – жаманга миң сөз.*<br>*2. Көп билген аз сүйлөйт, аз билген көп сүйлөйт.*<br>*3. Жаштын кайраты бар, карынын айбаты бар.*<br>*4. Касыңдан бал жегенче, досуңдан суу ич.*<br>*5. Байлык мурат эмес, кедейлик уят эмес.*<br>Ар бир топко текст түзүүгө карата талаптар жазылган баракча берилет (ал талаптар текстти баалоонун критерийлери да боло алат):<br>▪ Макалдын маанисин ачуу<br>▪ Текстте антонимдерди пайдалануу<br>▪ Турмуштан мисалдарды келтирүү<br>Чакан топтор иштеп бүткөндөн кийин, ар бир топ өз ишин презентациялайт. | ***Баалоонун критерийлерин мугалим өзү же окуучулар менен бирге түзсө болот. Критерийлерди аныктоо баалоонун калыстыгын жогорулатат.*** |
| **Мугалим:** Балдар, силер жаңы теманы кандай түшүнгөндүгүңөрдү мага белги менен билдиргиле.<br>*Мен антоним эмне экенин түшүндүм жана түшүндүрүп бере алам* десеңер, баш бармагыңарды өйдө көтөргүлө.<br>*Мен теманы дагы эле түшүнө элекмин* десеңер, бармагыңарды туура жакка багыттагыла.<br>*Мен бул теманы түшүндүм деп анык айта албайм* десеңер, кол булгалагыла.<br>Мугалим окуучуларга тема боюнча тактоочу суроолорду берет.<br>Андан кийин үй тапшырмага 351, 352-көнүгүүлөр берилет. | ***«Кол менен белги берүү» техникасын пайдалануу менен мугалим окуучулардын өтүлгөн тема боюнча түшүнүктөрүн аныктайт, ал эми түшүнбөй калган окуучулар менен жекече иштейт.*** |

*2-тиркеме*

***Предмет:*** Кыргыз тили

***Класс:*** 8

***Сабактын темасы:*** Сүйлөмдүн ээси, анын милдетин аткаруучу сөз түркүмдөрү

***Сабактын тиби:*** Жаңы теманы түшүндүрүү

***Жабдуулар/ каражаттар:*** такта, окуу китеби, дептерлер, А-4 өлчөмүндөгү кагаздар.

***Колдонулуучу баалоо усулдары:*** оозеки кайтарым байланыш, «Кош жылдыз жана каалоо» техникасы

| **Сабактын максаттары:** | **Көрсөткүчтөр:** |
|---|---|
| **Окутуп-үйрөтүүчү:** Окуучулар сүйлөмдүн ээсине аныктама бере алышат, анын мүнөздүү белгилерин билишет, аны сүйлөмдө таба алышат. | ▪ Окуучулар ээнин аныктамасын айта алышат.<br>▪ Берилген көнүгүүлөрдөн ээнин мүнөздүү белгилерин таап, астын сыза алышат.<br>▪ Окуучулар ээнин синтаксистик кызматын аныктай алышат. |
| **Өнүктүрүүчү**: Окуучулардын сүйлөмдү туура түзүү жөндөмүн өнүктүрүү. | ▪ Сүйлөмдүн баш мүчөсүн оозеки жана жазуу кебинде туура белгилей алышат. |
| **Тарбиялык:** Окуучулар жашоодо билимдин маанисин түшүнө алышат. | ▪ Билимдин мааниси жөнүндө өз ойлорун айтып далилдей алышат |

| **Сабактын жүрүшү:** | **Түшүндүрмөлөр:** |
|---|---|
| *1. Уюштуруу учуру (1-2 мүнөт)*<br>Мугалим окуучулар менен саламдашат. Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет.<br>*2. Максат коюу*:<br>**Мугалим:** Балдар, биз бүгүн силер менен сүйлөмдүн баш мүчөсүнүн бири болгон ээ жөнүндө маалымат алабыз, анын мүнөздүү белгилери менен таанышып, сүйлөмдө, текстте ээни табууну үйрөнөбүз.<br>Азыр силер «сүйлөм» жөнүндө эмне билесиңер, өз оюңарды 1-2 мүнөттүн ичинде дептериңерге жазгыла. Келгиле, бирге талкуулайлы.<br>Сүйлөм<br>(кластер түзүү)<br>**Мугалим:** Биз сүйлөм жөнүндө билгендерибизди эске салдык. Ал эми сүйлөмдүн баш мүчөлөрүн аныктай алабызбы?<br>Мисалы: *Жакшынын **акылы ташка тамга баскандай.***<br>Бул сүйлөмдүн баяндоочу – ***ташка тамга баскандай.***<br>Ээси – ***акылы***<br>Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бири ээ болуп эсептелет.<br>**Ээ – сүйлөмдүн баш мүчөсү, баяндооч менен байланышып, атооч жөндөмөдө турат жана ошол жөндөмөнүн суроолоруна жооп берет: ким? эмне? кимдер? эмнелер? ж.б.** | ***Мугалим ишке тартуу катары аталган тапшырманы берет. Балдар сүйлөм жөнүндө өз алдынча билимдерин эске салышат. Кластер графикалык уюштургуч катары мугалимге окуучулардын жоопторун топтогонго жардам берет.*** |

| | |
|---|---|
| Сүйлөмдүн ээсинин грамматикалык белгилери:<br>▪ атооч жөндөмөсүндө турат;<br>▪ сүйлөм мүчөлөрүнүн бирөөнө да баш ийбейт;<br>▪ сүйлөмдө баяндоочтун алдында турат;<br>▪ көбүнчө зат атооч менен ат атоочтор аркылуу туюнтулат.<br>Мисалы: **Эмгек** – байлыктын булагы.<br>**Мен** алардын сүрөтүн дагы тартам.<br>▪ заттык мааниде колдонулган башка сөздөр да ээлик милдетти аткарышат.<br>А) сын атооч: **Жакшы** эл камын ойлойт.<br>Б) сан атооч: **Жыйырма** төрткө бөлүнөт.<br>В) атоочтуктар: **Таптаган** билет шумкарды.<br>Г) кыймыл атооч: **Кабыл алуу** мээримдүү кырдаалда өттү.<br>Д) тактооч: **Эртеңкибиз** бүгүнкүгө окшобойт.<br>**Мугалим:** Азыр биз текст менен иштейбиз. (98- көнүгүү). Текстти окуп, анын мазмунуна жараша эң маанилүү сүйлөмдү тапкыла. Андан тышкары, тексттеги сүйлөмдөрдүн ээлерин таап, алардын мүнөздүү белгилерин атайбыз. | |
| Баалоонун критерийлери төмөнкүдөй:<br>1. Тапкан сүйлөмдүн маанилүүлүгүн далилдөө.<br>2. Ээни туура табуу жана мүнөздүү белгилерин аныктоо.<br>Тапшырманы аткаргандан кийин мугалим окуучуларга дептерлерин алмашып, бири-бирин текшерүүсүн суранат. Текшерип бүткөндөн кийин 3-4 окуучунун жоопторун угат.<br>**Мугалим:** Азыр 99- көнүгүүнү аткарабыз. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн астын сызгыла. Кайсы сөз түркүмүнөн жасалды?<br>Биз аткарган көнүгүүлөрдө эмне жөнүндө айтылган?<br>Окуучулардын жооптору: билим | ***Баалоонун критерийлерин мугалим өзү же окуучулар менен бирге түзсө болот. Критерийлерди аныктоо баалоонун калыстыгын жогорулатууга жардам берет.*** |
| Мугалим: Билимдин биздин жашоодо мааниси кандай? Ушул тууралуу «Менин жашоомдо билимдин мааниси» деген темага эссе жазабыз. Силерге 15 мүнөт убакыт берилет.<br>Эссенин баалоо критерийлери:<br>1. Теманы ачып берүү<br>2. Турмуштан мисал келтирүү.<br>3. Сүйлөмдөрдү грамматикалык жактан туура түзүү жана ээнин сөз түркүмүн аныктоо. | ***Эссе жазуу окуучулардын билимге карата мамилесин аныктаганга жардам берет.*** |
| Эссени жазып бүткөндөн кийин, мугалим окуучуларга классташынын ишин текшерүүнү сунуштайт. Окуучулар эссени баалоодо бири-бирине баа коюшпайт, ийгиликтүү эки жерин белгилейт («кош жылдыз») жана толуктоо керек деп эсептеген бир жерин жазат («каалоо»).<br>Андан кийин 3-4 эссени окуучулар менен талкуулайт.<br>Мугалим үй тапшырмага эссени толуктап жазып келүүнү сунуштайт. | ***Мугалим эссени баалоодо калыптандыруучу баалоонун «Кош жылдыз жана каалоо» техникасын колдонот.*** |

*3-тиркеме*

***Предмет:*** Кыргыз тили

***Класс:*** 6

***Сабактын темасы:*** Фразеологизмдер

***Сабактын түрү:*** Жаңы теманы түшүндүрүү

***Жабдуулар/ каражаттар:*** такта, окуу китеби, баракчалар

***Колдонулуучу баалоо усулдары:*** Калыптандыруучу баалоонун «Баракчанын индекси» техникасы, оозеки кайтарым байланыш.

| Сабактын максаттары: | Көрсөткүчтөр: |
|---|---|
| **Окутуп-үйрөтүүчү:** Окуучулар фразеологизмдер жөнүндө маалымат алышат, маанилерин чечмелеп, туруктуу сөз айкашы менен эркин сөз айкашын ажырата алышат. | ▪ Окуучулар фразеологизмдин аныктамасын айта алышат.<br>▪ Көнүгүүлөрдөн туруктуу сөз айкашы менен эркин сөз айкашын таап, маанилерин айырмалай алышат. |
| **Өнүктүрүүчү**: Фразеологизмдерди пайдалануу аркылуу окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү. | ▪ Фразеологизмдерди маанисине ылайык оозеки, жазуу кебинде пайдаланышат. |
| **Тарбиялык:** Окуучуларды бири-биринин оюн уга билүүгө тарбиялоо. | ▪ Окуучулар чакан топтордо иштегенге үйрөнүшөт. |

| Сабактын жүрүшү: | Түшүндүрмөлөр: |
|---|---|
| *1. Уюштуруу учуру (1-2 мүнөт)*<br>Мугалим окуучулар менен саламдашат. Окуучулардын сабакка даярдыгын текшерет.<br>*2. Максат коюу*:<br>**Мугалим:** Балдар, биз бүгүн силер менен фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк алабыз. Анын эркин сөз айкашынан болгон айырмасын билебиз, маанисин чечмелеп, аларды пайдалануу менен сүйлөм жана текст түзүүнү үйрөнөбүз.<br>**Мугалим:** Балдар, силер «фразеологизм» деген сөздү уктуңар беле? Силердин оюңарча, кандай сөздөр фразеологизм деп аталат?<br>Окуучулардын жоопторун уккандан кийин, мугалим фразеологизмдин аныктамасын берет.<br>**Фразеологизм** деп эки же андан ашык сөздөрдөн куралып, кепте даяр түрүндө берилген туруктуу сөз айкаштарын айтабыз.<br>Мисалы: *ак көңүл, таш боор, беш өрдөгүн учуруу ж.б.*<br>Фразеологизмдерди эркин сөз айкаштары менен алмаштырууга болбойт.<br>***Окшоштугу:***<br>*– экөөнүн тең компоненттери бар;*<br>*– маанилик жактан байланышкан;*<br>*– сүйлөмдө синтаксистик кызмат аткарат;*<br>*– грамматика бөлүмү окутат.* | ***Максаттарды алдына ала айтуу окуучуларга сабакта пландалган ишти жүзөгө ашырууга жардам берет.***<br>***Мугалим суроо аркылуу окуучулардын билимдерин аныктайт.*** |

| | |
|---|---|
| ***Айырмасы:***<br>*– айкашкан сөздөрү башка сөздөр менен алмаштырууга болбойт;*<br>*– лексика бөлүмү окутат;*<br>*– маанилери туруктуу;*<br><br>**Мугалим:** Фразеологизмдерди эркин сөз айкаштарынан ажыратып көрөлү. Дептериңерге төмөнкү сөз айкаштарын эки бөлүп э**ркин сөз айкаштарын** өзүнчө, **туруктуу сөз айкаштарын** өзүнчө жазгыла:<br>Жылдыздуу жигит, алтын шакек, беш өрдөгүн учуруу, таш эстелик, ак көңүл, жылдыздуу асман, алтын кол, таш боор, беш окуучу, ак көйнөк<br>Окуучулар тапшырманы өз алдынча аткаргандан кийин, мугалим 3-4 окуучудан өз жоопторун окуп берүүнү суранат жана жыйынтык чыгарат.<br><br>**Мугалим:** Азыр биз үч чакан топтордо иштейбиз. Ар бир топко текст берилет, силер тексттеги калтырылып кеткен жерлерге мааниси боюнча ылайык келүүчү фразеологизмдерди жазышыңар керек. Аткарылган тапшырманы төмөнкү критерийлер боюнча баалайбыз:<br>1. Текстте фразеологизмдерди мааниси боюнча туура коюу.<br>2. Маанисин чечмелей билүү<br><br>**Текст №1**<br>Жайдын толуп турган кези. Боз үйдүн алдында чогулган эл.... акындын үнүн ... угуп жатты. Комуздун шаңшыган үнүн коштогон ... акындын ар бир сөзү... тээ алыска угулуп жатты. ... кеч да кирип, той бүттү. Чогулган эл ... үйлөрүнө кайтышты.<br>Коюлуучу сөздөр: *көз ачып жумгуча, булбулдай сайраган, абаны жаруу, ак таңдай, каш карайганда, моокуму канбоо.*<br><br>**Текст №2**<br>Уста улам күйүп жаткан көмүргө темирди эритип, кылыч жасап жатты. Ал ... алп баатыр үчүн арналган эле. Устанын ... укмуштай буюм жасалды. Ошентип ... кылыч да даяр болду. Айылдын ... ак сакалдары кылычка баа берип тамшанып жатышты.<br>Коюлуучу сөздөр: *көз жоосун алган, кара кылды как жарган, жүрөгүндө оту бар, алтын кол.*<br><br>**Текст №3**<br>Менин энем ... адам эле. Кошуналар ар дайым анын адамгерчилигин айтып макташа турган. Ал бизди эч убакта ... болбогула деп тарбиялачу. «Жалкоо адам жарыбайт, ... эмгек гана эрезеге жеткирет», – дечү. Мен көптөн бери көрбөй энемди сагынгандыктан, аны көрүүгө... .<br>Коюлуучу сөздөр: *ак кол, эки көзү төрт болуу, ак ниет, маңдай терди төгүү*<br><br>Мугалим топтордун жоопторун угат жана текст боюнча тактоочу суроолорду берип турат. | |
| **Мугалим**: Балдар, биз бүгүн фразеологизмдер менен тааныштык. Азыр силерге баракчалар берилет. Анын бир бетине өтүлгөн тема боюнча негизги түшүнүгүңөрдү, ал эми экинчи бетине тема боюнча түшүнбөй калган суроолоруңарды жазгыла.<br>Мугалим үй тапшырмага фразеологизмдерди катыштырып текст түзүп келүүнү суранат. | ***Калыптандыруучу баалоонун «Карточканын индекси» техникасы окуучулардын теманы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо үчүн пайдаланылат.*** |

**Шакиров Р. Х.**
**Чепекова Г. С.**
**Карипова С. А.**
**Буркитова А. А.**

**КЫРГЫЗ ТИЛИ САБАКТАРЫНДА ЖҮРГҮЗҮЛҮҮЧҮ КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ БААЛОО**

Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо

Которгон *Н. Джусупбекова*
Редактору *Э. Усупова*
Мукабанын дизайнери *Э. Тилеков*

Басууга 11.04.2012 кол коюлду. Форматы $60\times84^1/_8$.
«KyrgyzGaramond» гарнитурасы. Офсет ыкмасы менен басылды.
68,82 шарт б.т. Нускасы 2000 экз.

«Билим» типографиясында басылды.
Бишкек, Эркиндик бульвары, 25